9 Өзүбүздү өзүбүз көтөрөлү дедик



5 Ишкерлер сунуштаган 5 кадам




# САРЕСЕП

25-февраль, 2016-жыл
№07 (40)
saresep.kg
Калыс көз караш!




Батыштын арзан кредитин алса болот

3-бетте



Арзан той өткөрүү өлүмдөн катуу

6-бетте



Жакынкы Чыгыш очогуна отун салгандар

12-бетте

## Бала сатууну мыйзамдаштырса болобу?



7-бетте




# Этти ЕАЭБге экспортто үчүн керектүү нерселер



Этти жана эт өндүрүмдөрүн ЕАЭБге кирген өлкөлөргө экспортто үчүн жана алар киргизген чектөөлөрдү алып салыш үчүн Кыргыз Республикасы бир катар иш-чараларды жасашы керек.

Бул тууралуу өлкөнүн вице-премьери Олег Панкратов билдирген. Анын айтымында, Евразиялык экономикалык комиссиянын кеңеши 09.10.2014-жылы бекиткен ветеринардык көзөмөлдөөдөн өтө турган өндүрүмдөрдү тандоо, текшерүү, үлгү алуу боюнча жобосунун 96-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасы төмөнкү шарттарды камсыздоосу керек:

- Ишканалар өзгөчө коркунучтуу оорулар менен ооруган мал-жаныбарлардан алыс аймактарда жайгашышы керек;
- Малдан жасалган өндүрүмгө керектүү чийки заттар оору коркунучу болбогон аймактардан ташылышы керек;
- Чийки эт заттары ветеринардык-санитардык көзөмөлдөн толугу менен өтүп, этти кайра иштетүүчү ишканаларга атайын малды соё турган ишканалардан келиши керек;
- Эт өндүрүмдөрүндөгү патогендик микроорганизмдерди жок кылууну камсыз кылган 70 градустан төмөн эмес температурада 30 мүнөттөн кем эмес убакыт кармалуусу керек;
- Өндүрүмдүн коопсуздугу боюнча изилдөөлөрдүн алкагында анын үлгүлөрү коопсуздуктун техникалык талаптарына жараша ЕАЭБдин уруксатын алган лабораторияларда изилдениши керек;
- Ар бир жеткирилчү өндүрүмдүн партиясы боюнча Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция ЕАЭБге мүчө өлкөлөргө билдирип туруусу зарыл;
- Ишканаларга идентификацияланган айыл-чарба жаныбарлары алып келинүүсү керек.

Учурда Кыргызстанда мындай ишканалар жок.

# Кыргызстандыктар быйыл 58 өлкөгө визасыз эреже аркылуу кире алышат

Кыргызстан жарандары үчүн 2016-жылы 58 өлкөгө виза толтурбай эле баруу мүмкүнчүлүгү түзүлдү.

Мындай маалымат Henley & Partners компаниясынын сайтында жарыяланды. Аталган компания 200дөн ашуун мамлекеттеги визага байланышкан маселелерди изилдеп чыккан.

Ага ылайык, Кыргызстан визалык чектөөлөр боюнча тизмеде 79-орунга чыкты. Мамлекеттердин орду жарандар визасыз кирген өлкөлөрдүн санына жараша аныкталат.

Тышкы иштер министрлиги билдиргендей, азыркы учурда Кыргызстанга 45 өлкөнүн жарандары визасыз кире алат. Муну менен бийлик туризмди өнүктүрүп, инвестиция тартуу аракетин көрүүдө.

Henley & Partners компаниясы он жылдан бери дүйнөдөгү эң чоң туристтик маалымат базасын колдогон Эл аралык аба транспорту бирлиги менен чогу иликтөө жүргүзүп, тыянак чыгарып келет. Визалык чектөөлөрдүн индекси жыл сайын жарыяланып турат.




Быйыл бул жаатта Германия биринчи орунду алды. Немистер 177 өлкөгө визасы жок бара алышат. Андан кийинки сапты Швеция, Финляндия, Франция жана Испания ээледи.

# М.Жээнчороев: "Мэрди түз шайлоо – элдин талабы"

Бишкек шаарынын мэрин элдик шайлоого коюу мыйзам долбоору Жогорку Кеңешке сунуштала берерин долбоордун автору, "Республика-Ата-Журт" фракциясынын депутаты Мирлан Жээнчороев төмөнкүлөргө токтолду.

2015-жылы шайлоочулар менен жолугушуу учурунда эл Бишкек шаарынын мэрин шаар тургундары шайлашы керек деген талап койгон. Талапкер план-программалары менен эл астына келип, эл ишенимине ээ болсун дешкен. Түз шайлоо бийликтин легитимдүүлүгү жана туруктуулугунун арттырат.

Буга чейин премьер-министр же фракциялар көрсөткөн талапкерлер колдоо тапса, мэр боло алышчу. Сунушталып жаткан мыйзам боюнча шаар тургундарынын ишенимине ээ болуп, 5 миң кол топтосо гана бул кызматка ат салыша алат. Тургундар билген, ишенген адам келсе, ааразычылыктар да аз болуп, чындап иштей тургандар келет деп турабыз.



Биз шайлоо бир күндө өтүп, шаар жетекчисине да, шаардык кеңешке да бир күндө добуш берилсин деген сунушту кошуп жатабыз. Ким көп добушка ээ болсо, мыйзам чыгаруучусунун да, аткаруучусунун да программасы элге жакса, ошолор эл үчүн кызмат кылат.




# "Кыргызпочтасы" чарбалык коомго айланмакчы

"Кыргызпочтасы" мамлекеттик мекемеси чарбалык коомго айлана турган ишканалардын тизмесине киргизилди. Ошол эле учурда анын чыгарылган акцияларынын 100 пайызы мамлекеттик менчикте калат. Бул тууралуу Кыргыз Республикасындагы 2015-2017-жылда Мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү боюнча программада айтылган. Мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү программасына 37 объект киргизилген.

Мурдараак вице-премьер-министр Олег Панкратов билдиргендей, Өкмөт мамлекеттик менчиктеги ишканаларды толугу менен сатуу же болбосо Ачык акционердик коомдорго өзгөртүү ниети бар экенин билдирген. Бул иш-чаралар жаңы түзүлүп жаткан Улуттук башкаруу компаниясына тапшырылмакчы болгон. Тизмеге киргизилген ишканалардын үлүштөрү алардын каржы-чарбалык ишмердүүлүгү анализделгенден кийин сатыкка коюлмакчы. Мамлекет үчүн стратегиялык социалдык-экономикалык мааниси бар мамлекеттик ишканаларга корпоративдик башкаруунун принциптерин киргизүү сунушталып жатат.



# Өзбек чек арачылары уурдалган малды кайтарышты

Жыл башында Араван районунун Кум-Бел аймагынан белгисиз бирөөлөр кыргызстандык койчунун 332 коюн Өзбекстанга айдап кирип кетишкен.

Өзбекстандын чек арачылары менен сүйлөшүүнүн натыйжасында, 146 кой Кыргызстанга кайтарылды. Кийинчерээк дагы 80 кой, үч эчки жана 17 козуну өткөрүп беришти.

Чек ара кызматы маалымдагандай, мал уурдоого шектелип үч киши кармалган, алардын бирөө издөөгө алынды. Кармалгандардын экөө кыргызстандык жарандар, бирөө өзбекстандык.

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев, Эдил Айдаров, Эсен Өмүракунов

**Жоопту редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева, Рахат Акматова

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 6500**
**Буйрутма № 397**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

САРЕСЕП

# Ишкерлер Батыштын арзан кредиттерин алса болот

**Өнүккөн батыш өлкөлөрү кирген Евробиримдик уюму 28-январда Кыргызстанды Жалпы жеңилдиктер системасына (ЖЖС+) киргизди. Муну менен бизде өндүрүлгөн 6000 товарга салыксыз жана башка төлөмдөрсүз Европага киргизүүгө жол ачылат. Ушундан улам, «Ишкерлерибиз канткенде ЖЖС+ системасынын пайдасын көрө алат?» – деген суроого** Гренобль университетинин экономика илими боюнча магистри Нурадил Раимбеков **төмөнкүчө жооп берди:**



– ЖЖС+ деп аталган жеңилдетүү системасы менин билишимче бир дагы башка КМШ мамлекетине берилген эмес. Буга биздин Тышкы иштер министрлигинин салымы чоң десек болот. Андан сырткары, Кыргызстандын ушул аймактагы демократияга эң жакын өлкө болуусу да негизги роль ойногон. Албетте, бизге мындай жеңилдик берүүдө Батыштын геосаясий кызыкчылыктары да бар.

Биздин ишкерлер Евробиримдикке киргизем деген өндүрүмдөрүн Кыргызстандын гана лабораторияларынан өткөрөм деп күтүп тура бербеши керек. Батыш өлкөсүнүн лабараториясына өндүрүмүнүн үлгүсүн жиберип, уруксат алып киргизгенге аракет кылса болот. Ошондуктан батыштын ишкерлери менен мамиле куруп, алардын технологиялары менен тажрыйбасын колдонуу зарыл. Эң негизгиси – Кыргызстанда иштеген банктардын 20%дык насыяларын карап отура бербей, батыштык өнөктөштөр менен биргеликте, алардын арзан кредиттерин Кыргызстанга тартса жакшы болот. Кыргызстанда өндүрүштүн жакшы өнүкпөй жатканынын бирден-бир себеби – кымбат кредиттер экени баарыбызга маалым. Батыштан түз насыя тартууга биздин мыйзамдар жол гана берип тим болбой, колунан келишинче колдоп да турат. ЖЖС+ макамынан сырткары өткөн жылдын этегинде Кыргызстан «В2» («туруктуу») деген жеке насыялык рейтинг алды. Буга чейин биздин коңшулардын арасынан Казакстандын гана жеке рейтинги бар болчу. «В2» рейтинги анча жогору болбосо да, эң эле жок дегенде дүйнөдө айланып жаткан акчалардын көңүлүн бура алат. Калган иййгиликтер биздин ишкерлердин билимине, тил табыша билүүсүнө жана активдүүлүгүнө байланыштуу. Бизнесмендерибиз интернет аркылуу Европада кандай өндүрүмдөр өтөт, кайсы тармак бош экенин билип, иштеп баштоосу керек.

# 2016-17-жылдары катуу кризис болот

**Жыл жыйынтыгы боюнча Кыргызстанда жалпы экономикалык көрсөткүч 11 пайызга кулаган. Айрым серепчилердин айтымында бул бажы биримдигинин кесепети. Бирок өкмөт өкүлдөрү биримдикке кирбегенде абал мындан да кейиштүү болмогун айтууда. Ушундан улам, "Өлкөбүздүн экономикасынын кулашынын негизги себеби эмнеде?" деген суроо менен** ЖКнын мурдагы депутаты Равшан Жээнбековго **кайрылып төмөндөгүдөй жооп алдык.**



– Негизи, Кыргызстан Бажы биримдигине кирбесе деле каатчылык болмок. Бирок, азыркы таптагыдан жеңилирээк болмок. Себеби мурда тигүү тармагы өнүгүп турган. Аны менен катар Дордой, Кара-Суу базарлары Кытайдан, Түркиядан келген материалдарды тигип, Орусияга, Казакстанга чыгарып жаткан. Үчүнчүдөн, Кыргызстан башка мамлекеттердей Дүйнөлүк соода уюмунун (ДСУ) эрежеси менен иштегенде негизги багыттарын сактап калмак. Кыргызстан Казакстан менен ДСУнун эрежелери аркылуу иштешсе бир топ жеңилдиктерди алганга жетишмек.

Орус улуттук банкы жана Каржы министрлиги жакынкы убакта эле келечектеги экономикасынын өнүктүрүү вариантын жарыялашты. Эң жакшы вариант катары Орусиядагы кризисти 15 жылга созуп карашууда. Башкача айтканда, 15 жыл бою аталган өлкөнүн экономикасында эч кандай өнүгүү болбойт. Эгер бул чын болсо, анда Орусиядагы 15 жыл уланчу кризистин таасири Кыргызстанга да тиет. Жок дегенде 3-4 жылга ушундай оор абал созулат. 2016-17-жылдары терең кризис болот. Биз буга даяр болушубуз керек.

Мамлекеттик чиновниктер, өкмөт экономикалык ылдыйлоону дүйнөлүк кризиске байланыштырууда. Бирок, дүйнөдө эч кандай кризис жок. Азыркы тапта болгону эки кризис бар. Биринчиси, күйүүчү майдын арзандашы. Кайсы мамлекет өзүнүн экономикасын диверсификация кылбай, бир гана мунай менен газга таянып алган болсо, ошол мамлекеттерде кризис болууда. Мисалы, Орусияда, Казакстанда, Венесуэлада жана Сауд Аравияда ушул жагдай уланууда. Экинчиси, авторитардык мамлекеттерде жүрүп жаткан башкаруу кризиси. Буларга да биз атап өткөн мамлекеттер кирет. Тилекке каршы, биздин өкмөт нефти менен башкарууну дүйнөлүк кризис деп атап, өздөрүнүн башкара албагандыгын ага байланыштырышууда. Кереги жок биримдикке мүчө болуп, терс жыйынтыгын дүйнөлүк кризиске шылтаганга аракет кылышууда.

# Өмүрдү кыюу жеңилге туруп калды

**Акыркы учурда өлкөбүздө суицид маселеси курчуп, өз жанын кыюу илдети жашарып бара жатат. Айтылуу көйгөйдүн себептери эмнеде жана кантип алдын алса болот деген суроого** Кыргыз Ислам университетинин проректору, аалымдар кеңешинин төрагасынын орун басары Марс Ибраев **төмөнкүдөй пикирин билдирди:**




– Суицидке өлкөбүздөгү ыймандын жардылыгы таасир берүүдө. Ишенимдин бекем эместиги, келечекке жана жалпы эле жашоого максаттын жоктугу себеп болууда. Андан кийинки таасирлер бул коомдук-социалдык, экономикалык маселелерден улам жана үй-бүлөдөн жакшы таалим-тарбия албагандыктан болуп жатат. Өзүбүз деле байкап көрсөк, суицидге көбүнчө 15 жаштан 24 жашка чейинки жаштардын баш бакканы көбөйүп бара жатат. Ата-энеси мигрант болуп, же кандайдыр бир себептер менен чет жактарга кетип, балдарын кароосуз калтырып, же карыган ата-энелерине таштап койгон балдар кандайдыр бир деңгээлде жан дүйнөсү жабыркап ушундай ишке барып жатышат. Мындай балдар коом ичинде жан дүйнөсү жардыланып ата-эне мээримине суусап калат. Анан бир аз эле кыйынчылыкка кабылса суицидге барышат. Зордук-зомбулукка кабылганда туруштук бере албай өздөрүн өлтүргөндөрү да бар. Андан кийин болбогон нерселер үчүн, мисалы сүйгөнү таштап кетсе, аркасынан өзүн-өзү өлтүрүп жатышат. Суицидге динде, шариятыбызда тыюу салынат. Жадакалса, өзүн өлтүргөндөргө жаназа окулбайт деген нерсе айтылып жатса дагы Кудай Таала аманатка берген жанды кыюу жеңилге туруп калды. Ошондой эле суицидге арак, баңгизат деген нерселер да себепкер болот.

Мунун алдын алуу үчүн эң биринчиден түшүндүрмө иштери көп болушу керек. Мектептерде, жогорку окуу жайларда бул көйгөй боюнча ыйман сабактарын киргизишибиз керек. Байма-бай массалык маалымат каражаттарынан жашоонун маанисин, кадыр-баркын, ыйманды түшүндүргөн видеороликтер, жарнамалар берилсе, жашоону сактап калганга таасир берет. Эң негизгиси ата-эне менен баланын ортосундагы мамиле көңүл коюу керек. Ата-эне баласы чоңойгончо чейин өз карамагынан чыгарбоосу зарыл. Албетте бул нерселердин жанында диний кызматкерлер, аалымдар кеңеши колубуздан келишинче түшүндүрмө иштерин алып барып жатабыз. Ошондой эле атайын уюмдар, фондор кээ бир балдар байдын балдарынан кемсинбей жашашы үчүн жайкы, кышкы лагерлерге алып барып, кайрымдуулук иштерин күчөтсө жакшы болот. Эң негизгиси баланын көөдөнү, жан дүйнөсү, убактысы бош калбашы керек."

# Атамбаев тапшырма берген

**Турат Акимов өзүн өлтүртүүгө** Ички иштер министри Мелис Турганбаев **буюртма бериши мүмкүн экенин айтып, буга 99% ишенерин билдирди. Натыйжада, биз ИИМге кайрылып, бул окуя тууралуу сураганыбызда, ал жактан бизге төмөнкүдөй жооп келди.**




– Журналист Турат Акимовдун мага койгон дооматы күтүүсүздүк болду. Ушул күнгө чейин аны менен эч кандай мамилем жок болчу. Ушундан улам, ага кол салууга себеп боло турган эч кандай негиз жок. Биз маалымат каражаттары менен ырахаттана иш алып барабыз. Апрель окуяларынан кийин биздин өлкө сөз эркиндиги боюнча ийгиликтүү демократиялык мамлекет деп табылды.

Негизи, бул окуя мени көңүл кош калтырган жок. Ошондуктан жакынкы арада бул кылмыштын жүзүн ачыш үчүн мен бардык күч аракетимди жумшаймын. Өзүңүздөр билгендей, биз ар дайым ар бир жаранды, ошондой эле ЖМК кызматчыларын коргоо үчүн жана тартипти сактоо үчүн күзөттө турабыз. Бул айтылган сөздөрдү далилдөө үчүн биз журналист Сыргак Абдылдаевге болгон кол салуунун бетин ачканбыз. Аны аткаруу өтө кыйын болгон күндө да, бул ишти жөндөй алдык. Ушундай оор жана катаал кылмыш иштери мени күрөшүп жатып, кандайдыр бир кылмышкерлер биздин журналисттерди сабашына жол бербейм. Турат Акимов кол койгон арыздын аркасында бир адам турат. Ал адамды министр таап көрсөтөт. Мындан сырткары, бул окуя өлкө башчы Алмазбек Атамбаевдин көзөмөлүндө да турат. Ал киши аягына чыгууга тапшырма берди. Эми мен аны аягына чыгарам", – деди министр.

Ошондой эле 16-январда ИИМ министринин жардамчысы Рустам Айбашевдин мобилдик телефонуна өзүн журналистмин деп атаган киши чалып, министр менен жолуктурууну суранган. Бул телефон чалууга чейин ал Акимовду таанычу эмес. Айбашев М.Турганбаевге бул тууралуу билдирип, натыйжада экөө 18-январь күнү кезигишкен. Акимов маек учурунда бир киши ага кандайдыр бир маалымат айтат деген. Бирок анын айтуусунда маалымат берчү адам белгисиз себептер менен башка жакка кетиптир. "Ошол күндөн тарта Турат Акимов менен байланышым болгон эмес", – деди министрдин жардамчысы.

# Ач көз элитаны төңкөрүү – жакшы көрсөткүч - 2

Дарон Ажемоглу менен Жеймс А. Робинсондун «Өлкөлөр эмнеге ойрон болот» китебинде негизги ой – «Жакыр өлкөлөр элге чап кенедей жабышып, канын соруп алсыраткан өтө көп эмес «элита» тарабынан башкарылат. Бул арам кекиртектер өлкө экономикасын элдин эсебинен жашаганга ыңгайлаштырышкан». Ушундан улам, Кыргызстанды башка өлкөлөр менен салыштырганда бул теориянын чын-төгүнү айкын болот деген ойдобуз



Дүйнөдөгү бакубаттуулуктун картасы

АКШ доллары менен эсептегенде ар бир адамдын жылдык кирешеси:

- Маалымат жок
- < $2000
- $2000–$7,500
- $7,500–$20,000
- $20,000–$50,000

## Бай жана жакыр өлкөлөрдүн чынжыры

Биз китебибизде дүйнөдөгү теңсиздиктин ачык-айкын көрүнүп турган бир нече өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурабыз. Адамзат массалык өндүрүү доорунун босогосун аттагандан бери экономикасы узак мөөнөт туруктуу өнүгүп келе жаткан өлкө бул Англия. Ал XVIII кылымдын ортосунан баштап бир аздан өсө баштаган. Ушул учурдан тартып өндүрүштө пайдаланыла баштаган түрдүү жаңы технологияларга таянган жаңы мүнөздөгү ишкерлер англис экономикасынын тармактарын биринен сала бирин басып ала баштаашкан. Англис экономикасынын жетишкендиктерине көз салган Батыш Европа менен Кошмо Штаттык ишкерлер өз аймактарында да өндүрүштүн жаңы ыкмаларын колдонууга киришкен. Британдыктардын экономикалык тез өнүгүүсү бир заматта Канада, Австралия жана Жаңы Зеландиядагы колонияларына жайыла баштаган. Учурдагы эң бакубат жашаган өлкөлөрдүн катарына Жапония, Сингапур жана Түштүк Корея кирет. Анткени мунен буларга деле жогорудагы өндүрүш ыңкылабын баштоочу мамлекеттердин таасири тийгенин эч ким жокко чыгара албайт. Ал эми аталган үч өлкө Гонконг, Тайвань жана кийинчерээк Кытай Эл Республикасынын экономикалык өнүгүүсүнө үлгү боло алышкан.

Эң жакыр өлкөлөрдүн тизмеси болсо эң бай өлкөлөрдүкүндөй эле бири-бирине чынжырлаша уланып кеткен. Эгер эң жакыр жашаган Афганистан, Гаити менен Непалдын бийлик башындагы элиталарынын ниетин жана мүнөздөрүн салыштыра келгенде, жакырлык боюнча алдыңкы катарларда турган африкалык өлкөлөрү менен олуттуу окшоштуктары бар экенин байкайбыз. Ал тургай, элүү жыл мурунку тарыхты карасак деле эң жакыр жана эң бай өлкөлөрдүн тизмеси анча өзгөрбөгөнүн көрөбүз. Албетте ал кезде Сингапур менен Түштүк Корея бакубат жашаган мамлекеттерге кошула элек болчу. Бул эң жакыр өлкөлөрдүн тизмеси да бир аз башкачараак эле. Бирок жалпысынан караганда бул эки тизмектин элүү жыл мурункусу менен азыркысы аябай эле окшош. Ал эми убакытты жүз жылга, керек болсо жүз элүү жылга артка түрсөк да, ушул эле көрүнүшкө кабылмакпыз. Тизменин жогору жагы менен төмөн жагына кайра ушул мамлекеттер жайгашмак.

## Дүйнө картасы бай-жакырды кантип таразалайт

Бул карта өлкөлөрдүн ар бир жаранынын орточо кирешесин чагылдырып турат. Кара түстөгүлөр — дүйнөдөгү эң жакыр өлкөлөр. Тагыраак айтканда, бир адамдын бир жылдык орточо кирешеси 2000 АКШ долларына жетпеген мамлекеттер. Африканын дээрлик бардыгы ушул түскө боёлуп калган. Андан тышкары, Афганистан, Гаити жана Түштүк Чыгыш Азиянын Камбожа жана Лаос сыяктуу өлкөлөрү да кара түс алгандарга кирет. Түндүк Корея да алардын арасында. Ак түстөгүлөр болсо ар бир жарандын бир жылдык орточо кирешеси 20 000 доллардан жогору турган чөлкөмдөр. Бул жерде деле таң калларлык эч нерсе көрүнбөйт. Түндүк Америка, Батыш Европа, Австралия жана Жапандар ак түстө турат.

Эки Американы салыштырганыбызда өтө кызыктуу туруктуулукка күбө болобуз. Анда тизменин эң башына АКШ жана Канада жайгашат. Алардан кийин катары менен Чили, Аргентина, Бразилия, Мексика, Уругвай, азырынча балким Венесуэла турат. Анткени анын тизмедеги орду мунайдын баасына тыгыз байланыштуу. Андан кийин Колумбия, Доминикан Республикасы, Эквадор жана Перу жайгашат. Жогоруда аталган мамлекеттерден бир топ жакыр Боливия, Гватемала жана Парагвай тизменин акырында калышкан. Эми эки Американын элүү жыл мурунку абалына көз чаптырсаңыздар ушул эле көрүнүшкө кабыласыздар. Жүз жыл мурун да ошо, жүз элүү жыл мурун да ошол. Маселени дагы жакыныраактан талдаганыбызда, АКШ менен Канаданын Латын Америкасына караганда бай бойдон кала бергени гана эмес, Латын Америка делген аймакка кирген өлкөлөрдүн да эч кандай өзгөрүү болбой, байыраактары байыраак, жакырыраактары жакырыраак бойдон калган.

## Жакынкы Чыгыштын картасы эмне дейт?

Картаны караганда дагы бир кызыктуу туруктуулукту Жакынкы Чыгыштан байкасак болот. Ал жерде мунайдын казысын тилип, бармагын жалаган Сауд Аравиясы жана Кувейтке окшогон мамлекеттерди көрөбүз. Алардын ар жаранынын жылдык кирешеси эң бай отуз мамлекеттин элиникине жакын. Бирок мунайдын баасы кескин төмөндөп кетсе, бул өлкөлөр да тизменин төмөн жагына кулап түшүшөт. Жакынкы Чыгыштагы Египет, Иордания жана Сирия сыяктуу мунайы жок же аз мамлекеттердин жарандарынын жылдык кирешеси Гватемала жана Перу элинин кирешесине чукул. Мунайы жок Жакынкы Чыгыш мамлекеттери жакыр болгону менен Борбордук Америка жана Анд кырка тоолорунун тегерегинде жайгашкан өлкөлөргө окшоп, Сахарадан түштүк тарапты карай жайгашкан Африка мамлекеттерине караганда бир аз байыраак.

## Кыска мөөнөткө байып, кайра аркага кеткен өлкөлөр

Жалпысынан алганда тизмедеги бай жана жакыр мамлекеттердин орундары туруктуу болгону менен бул абал эч кандай өзгөргөн эмес деп айтуу да кыйын. Биринчиден, биз буга чейин белгилеп кеткенибиздей, дүйнөдөгү экономикалык теңсиздик көбүнчө XVIII кылымдын аяк жагында башталган өндүрүш ыңкылабынан улам пайда болгон. Аталган кылымдын ортосунда акыркы эки жүз жылга караганда туруктуу келе жаткан теңсиздиктен сырткары, жарандарынын кирешеси жагынан да бай менен кедей мамлекеттер тизмекте бир топ башкача жайгашып турган. Мисалы, Америкада акыркы жүз элүү жылда туруктуу уланып келаткан абал беш жүз жыл мурун таптакыр башкача болчу. Экинчиден, акыркы учурда дүйнөнүн бир нече мамлекети экономика жаатында ондогон жылдар бою туруктуу өсүүгө жетишкен. Бул абал Түштүк Чыгыш Азия мамлекеттеринин бир тобунда байкалган. Акыркы учурда Кытай да туруктуу өсүүгө бет алган сыяктуу. Бирок аталган аймактагы мамлекеттердин көбү бир нече убакыттан кийин аркага чегинишкен. Мисалы Аргентина 1920-жылдарга чейин элүү жылдай экономикасын эң жогорку ылдамдыкта өстүрүп отуруп, дүйнөнүн эң бай мамлекеттеринин катарыда орун алган. Бирок андан кийинки ондогон жылдары төмөндөөнүн гана үстүндө болгон. Мындан да көңүл бурууга ылайыктуу мамлекет бул Советтер Союзу. Ал 1930-жылдан 1970-жылга чейин өтө тез өскөн. Бирок андан кийин ал дагы экономикалык эс талмага кабылган.

## Жооп талап кылган суроолор

Өлкөлөрдүн байлык жаатында эбегейсиз айырмачылыктары эмнеден улам келип чыкканын кантип түшүнсө болот? Экономикалык өнүгүүнүн ылдамдыгы менен туруктуулугунун сыры эмнеде? Эмне үчүн XIX кылымдын башында Батыш Европа мамлекеттери менен европалыктар көп отурукташкан колониялар коңшу өлкөлөрдү аркага калтырып тез өнүгө баштаган? Эки Америкада жайгашкан бай жана кедей мамлекеттердин тизмеде туруктуу орун алуусунун себептери эмнеде? Эмне үчүн Жакынкы Чыгыш менен тропикалык Африканын көп мамлекеттери европалыктардай туруктуу өнүгүүнү камсыздай алышкан жок? Ошол эле мезгилде, Түштүк Азиянын көп мамлекеттери дүйнөнүн бүйүрүн кызыткан ийгиликтерге кантип жетишти?

Дүйнөдөгү экономикалык теңсиздикке жана анын ар бир адам үчүн маанилүүлүгүнө көңүл бурганыбызда бул адилетсиздиктин мыйзам ченемдүү жана бардык тараптар кабыл алгандай себептерин таап чыкса болот. Бирок мындай болгон жок. Түрдүү коомдук илимдердин өкүлү саналган окумуштуулар менен адистер сунуштаган бакубат жана жакырчылыктын себептерин түшүндүргөн теориялардын көбү ишке жарабайт. Керек болсо азыркы абалды чечмелеп берүүгө да жараксыз.

*(Уландысы бар)*

Которгон ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# Ишкерлер сунуштаган 5 кадам

Борбор Азиядагы жана жалпы эле жер бетиндеги чукул өзгөрүүлөр бизге да таасирин тийгизбей койгон жок. Айрыкча экономикабыз катуу бурулушка кабылып, күтүлбөстүккө дуушар болуп турганда, алдыны көрө билген азаматтардын демилгеси көңүл кубантты...




Кыргызстан экономикасы мигранттардын акча которуусунан жана Кытайдан, Түркиядан келген товарды Борбор Азияга реэкспорттодон түшкөн каражат менен толукталып келген. Бирок, бүгүнкү күнү Орусияны каптаган кризис мигранттардын акча салуусун кескин азайтты. Ал эми өлкөбүз ЕАЭБге кошулгандан кийин мурдагыдай реэкспорттоо такыр мүмкүн болбой калды. Ушундан улам, доллардын куну артып, улуттук валютанын кургуйга кулоосу менен бирге, өлкөнүн өнүгүү жолу кыйла басаңдай түшкөндөй болду.

Бышкан ашка сынчы көп демекчи, мына ушул жайгдайдан улам экономикалык көйгөйлөрдү бирден санап, өкмөткө сын таккандар өтө эле арбын. Ал эми түптөлүп калган маселелерден чыгуунун реалдуу жолдорун көрсөткөндөр аз.

Мына ушундай учурда Жаш Ишкерлер Ассоциациясы өлкөнүн экономикасын өнүктүрө турган беш кадамды өкмөткө сунуштоодо. Жаш ишкерлер бул беш кадам Кыргызстандын экспорттук жана инвестициялык потенциалын жогорулатып, ИДӨнүн (ички дүң өндүрүм) көлөмүн реалдуу өстүрөт деп кепилдик берет.

Эмесе назарыңыздарга аталган 5 кадамды сунуштай кетсек:

### 1.Органикалык таза өндүрүм

Табигый таза өндүрүм массалык химикат менен өндүрүлгөн өндүрүмдөн 150, 200 эсе кымбат турат. Дыйкандар менен малчылардын мындай өндүрүмдү чыгарууга толук шарттары бар. Маселен, жаңы технология жана жаңы ыкмалардын колдонуу менен химикатсыз эле мол түшүм алууга болот. Дыйкандар табигый, таза өндүрүмдүн баалуулугун сезүү менен бирге ошондой өндүрүмгө жетүүгө аракет кылышы керек. Ошондуктан айыл аймактарында, жер-жерлерде кеңири түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүсү абзел.

Эгер өндүрүүчүлөр химиялык кошулмалар менен түшүм алуунун өздөштүрүп алса, Кыргызстан бат эле Кытайга окшошуп калат. Бул бизге сан жагынан дагы, сапат жагынан дагы пайда алып келбейт. Анткени Орусия, Белоруссия өңдүү ири өлкөлөрдүн базары менен Кыргызстандын базары атаандаша албайт. Анткени менен табигый өндүрүм эч качан өз баалуулугун жоготпойт. Аларга болгон суроо талап жылдан-жылга арта берет.

### 2. Экспортту илгерилетүү агенттигин түзүү

Тагыраак айтканда, Кыргызстан менен ЕАЭБ ортосунда товарларды таанытууга жана жеткирүүгө көпүрө болгон мекемени ачуу. Өндүрүлгөн товардын куну жогору болушу үчүн ал чет өлкөнүн базарына чыгышы зарыл. Жөнөкөй дыйкандын, же жеке ишкердин өз товарын ЕАЭБдин алкагына жалгыз чыгарууга чамасы жетпейт. Өндүргөн продуктусуна тастыктама алуу, же аны документтештирүү сыяктуу тоскоолдуктар ишкердин ишин жайлатат. Андыктан мамлекет жеңилдиктерди карап, ишкерлерге жок дегенде кеңири иштин алгачкы кадамдарын көрсөтүүчү орган түзүүгө милдеттүү.

### 3. Орто жана чакан бизнести өнүктүрүү институтун түптөө

Буга узак мөөнөттөгү каражат берүү жагын жүктөө зарыл. Орто жана чакан ишканалар ИДӨнүн жалпы көлөмүнүн дээрлик 70 пайызын ээлейт. Андыктан бул тармакка жетиштүү көңүл бурулуусу шарт. Институттун негизги милдети ишкерди ишкерликке үйрөтүү, ага бизнестин негизги критейилерин көрсөтүү. Анан албетте, узак мөөнөткө каражат бөлүү.

Ассоциациянын айтымында узак мөөнөттөгү каражатты алуунун 3 булагы бар. 1 – Кыргыз-Орус өнүктүрүү фонду. 2 – Улуттук банк. 3 – Эл аралык институттар. Бирок чакан ишканалар аталган булактарды көп кызыктыра бербейт. Алар көбүнесе ири, чоң ишканаларга басым жасагысы келет.

### 4. Өндүрүштүк аймактарды куруу

Экспортко багытталган чакан компанияларды бир жерге топтоп, ири компанияларды негиздөө. Маселен кийим тигүү тармагын алалы. Кыргызстанда ири кийим тигүүчү фабрикалар жокко эсе. Бирок майда тигүү цехтери өтө көп. Мындай чакан цехтер биригип келип чоң фабрикага айланса болот. Чет элдик бренд кийимдер Бишкектин базарын толугу менен каптаган. Мисалы, Sela, LC waikiki, Zara ж.б.. Мындай компаниялар жергиликтүү тигүүчү цехтер менен иштешүүгө даяр. Бирок бир гана үлкөн цехтер менен иштешүүнү каалашат. Анткени алар каалаган өндүрүмдүн көлөмү өтө зор. Алардын стандарты боюнча, бир эле цехте 1000ден ашуун тигүүчү машина иштеши керек. Мамлекет мына ошол өндүрүштүк аймактарды курууга жер тилкесин бөлүп бериши керек.

### 5. Мамлекеттик жана жекелик өнөктөштүк боюнча инфраструктуралык долбоорлорду жаңылоо

Кыргызстан инфратүзүм тармагын насыя алып ишке ашырбай, бул тармакка мамлекеттик-жекелик өнөктөштүк механизмин иштетүү менен ишке ашыруусу зарыл. Мамлекеттик жана жекелик өнөктөштүк аркылуу заманбап аэропортторду, чакан ГЭСтерди, таштандыны кайра иштетүүчү заводдорду, ооруканаларды курууга болот. Мамлекеттик-жекелик өнөктөштүк долбоорун жүзөгө ашыруу үчүн министрликтин карамагында атайын орган түзүлүүсү шарт.

Ассоциациянын төрагасы Умбриель Темиралевдин айтуусунда бул 5 кадамды бизнес өкүлчүлүктөрү жалгыз жүзөгө ашыра албайт. Андыктан мамлекеттик органдар түздөн-түз кийлигишүүсү абзел. Бул механизмдер иштеп баштаса 2-3 жылдын ичинде өлкө үзүрүн көрө баштайт.

– Тилекке каршы, бүгүнкү кадамдар эртең эле мөмөсүн бере албайт. Бул 2-3 жылдын ичинде ишке аша турган жумуш. Өлкөдөгү экономикалык кризис, бюджеттеги тартыштык, экспорттун импортко басмырланып турушу – ушунун баары кедергисин тийгизбей койбойт. Сыртка эч нерсе сатпай, бир гана сатып ала берсек, албетте экономика түшүп, сомдун куну төмөндөйт. Түзүлгөн кырдаалдан чыгуунун жалгыз жолу – тышкы соодания структурасын өзгөртүү, тагыраак айтканда, экспорт өлчөмүн жана тыштан келүүчү инвестицияларды көбөйтүү болуп саналат. Анткени экспорт менен инвестиция бири-бирине тыгыз байланган тармактар, – дейт ал.

Демилгени түптөгөндөрдүн бири, ишкер Айдар Кубанычбеков:

– 5 кадамдын алгачкы кадамдарын коркпой эле аттай бериш керек. Анткени, бул илгертен эле негизделип, иштелип чыккан демилге. Ишкерлердин арасында сурамжылоо, анализдөө иштери жүргүзүлгөндө, алардын даяр экени билинген. Ошондуктан коркпой-үркпөй эле иштин алгачкы кадамдарын баштай берсек болот. Демилгенин бир гана негизги маселеси анын механизмин жана жол-жоболорун туура коюп, бир нукка салып кетүү болсо керек, – деп айткан.

Демилге алгач экономика министрилигине сунушталып колдоо таба баштаган. Министрликтин ишкерликти тескөө башкармалыгынын башчысы Айнура Усенбекова сунуштардын айрымдары ишке ашырыла баштаганын, жана үлгү катары жакынкы өлкөлөрдүн сырткы соода чарбасынын өнүгүү жолу менен таанышып чыккандыгын мындайча айтты.

– Экономика министри Арзыбек Кожошев Түркия мамлекетинде өткөн бизнес форумга катышып, андан өзүнө тажрыйба топтоп келген. Министрлик ассоциациянын демилгесин четке какпайт. Тескерисинче, кош колдоп колдоого даяр. Азыркы тапта атайын жумушчу топ түзүлүп, аларга бир айлык мөөнөт берилди. Учурда Орусия, Түркия жана башка өлкөлөрдөгү өндүрүштүк аймактарынын моделдерин карап, алардын тажрыйбасы менен таанышып жатабыз. Ал эми каржы жагына келсек, азыр бизнес өкүлдөрү каржылык жагына даярбыз деп жатат. Мамлекет тарабынан жер бөлүү, инфракструктура жагынан колдоп берүү, кагаз иштерине жардам берүүнү гана суранып жатышат.

Буга чейин бир нече демилгелер өкмөткө сунушталып, анын колдоосуна татыган. Бирок көпчүлүгү кагаз жүзүндө гана ишке ашырылып келген.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Кыргызстанда арзан той өткөрүү өлүмдөн катуу

Үйлөнүү той, бешик той, сүннөт той, кыскасы, атай берсек кыргыздарда майрамдан дагы тойдун саны арбын. Эсте каларлык той өткөрөм деп карызга белчесинен баткан бечара кыргызда алы жетерлик той өткөрүү мүмкүнчүлүгү болсо дагы, буга куру намыс кургур жол бербей келет

Акыркы учурда өлкөбүздө аш-тойдун саны арбып, алдын-ала алдыңкы тойканаларга, кафелерге кезекке турушуп, не бир кымбат унааларга буйрутма беришип, ашкере дүрбөп бараткандай. Той да болот, тойдун эртеси да болот дегендей ысырапкорчулуктун азабы дал ушул той бүткөндөн кийин билинет. Алган насыяны, же карызды үстөгү менен төлөө сыяктуу көрүнүштөр бир күндүк жыргалчылыкты бат эле жууп кетет.

## Бийлик тойдон башкасын чечсинчи

Ошону менен ашкере чоң чыгаша талап кылган тойлорду жөнгө салуу үчүн атайын мыйзам долбоору иштелип чыгып, окууга сунушталды. Бирок бул тойлорго чектөө киргизген мыйзамдын кабыл алынары күмөн санатып келет. Себеби "кыргыз салтында той өткөрүү деген нерсе бар. Коңшу мамлекеттерди туурап эле мыйзам кабыл ала беришеби" дегендердин саны арбын.

Тойлордо тамадалык кылып келген Жылдызбек Султанкулов бийлик башындагылар тойлорго чектөө салардан мурун башка көйгөйлөрдү чечип алышса жакшы болот дейт: "Кымбат той өткөрүү тууралуу мыйзам каралып жатканы бир жагынан туура. Себеби ысырапкорчулук болбогону жакшы. Бирок "тойлорду тыйыш керек, чыгашалар көп кетип жатат" деген деле бир жагынан туура эмес. Анткени, элестеткиле, адам баласы төрөлгөндөн баштап жакшылыкка үмүт кылат. Жакшылык болсун, той болсун, ушул тапкан-ташыганыбыздын баары тойго чачылсын дейт. Мейли бай болсун, мейли бай эмес болсун, деги акчанын баарын чогултуп алып эмне кылат? Кайда алып барат аны? Андан көрө элге той берип, ыраазы кылып, элдин батасын алыш керек да. Баламдын, неберемдин жашоосу жакшы болсун деп тилек кылып, бата алыш керек. Ошондуктан кыргыздын тоюн тыюуга болбойт. Тойду эмес, тойдон башкасын тыйса болот. Өтө чачылбагыла, ачылбагыла деп чектөө киргизүүгө мүмкүн. Көп машина айдатпагыла деген сыяктуу чектөөлөрдү койсун. А бирок тойдун дагы Кыргызстанга пайдасы тийип жатпайбы. Маселен тойдун өзүнүн берекеси болот дегендей, бир киши той берсе канча киши ал тойдо кызмат кылып жатат. Тамада иштеп акча табат, ырчылар ырдап акча табат, тойкананын кожоюну, анда эмгектенген официанттар акча табат. Тойго барабыз деп жеңелер салонго, көйнөк алабыз деп базарга барып, аларды акчалуу кылат. Тойго чачылгандын, жакшылыкка чачылгандын эч кандай зыяны жок болсо керек деп ойлойм. Бир көйнөк болсо да ушуну жакшылыкка киели деп ырымдайт эмеспизби. Кыргыз өзү ушул каада-салты, үрп-адаты, тойлору менен дүйнөгө белгилүү болуп келген. Чоң-чоң, республикалык масштабдагы чыгашасы көп тойлорду тыйса болот. Майда, чакан тойлорду жайына коюшсун. Канчалаган тойканалар иштеп, акча таап жатат", – деди Жылдызбек мырза.

Ошондой эле заман талабына ылайык адал тамада деген пайда болуптур, бул тууралуу эмне айта аласыз деген суроого "Тойду адал, арам деп бөлбөш керек. Ар бир адам ичсе дагы, ичпесе дагы барган тоюнда өзүнүн жүрөгүнөн чыккан каалоо-тилегин, батасын берип жатат. Илгери арак чыга электе деле кымыз ичип, бозо ичип калоо-тилектер айтылып, бата кылып келишкен", – деген жоопту узатты.

## Бир тоок менен деле той өткөрүүгө мүмкүн

Буга чейин үй-бүлөлүк салтанаттардагы, аш-тойлордогу ысырапкорчулукту жоюу максатында мыйзам демилгелери көтөрүлүп чыкканы менен эч кандай жыйынтык берген эмес. Бирок эл өкүлдөрү кайрадан айтылуу демилгени иштеп чыгып, коомдун талкуусуна коюшту.

Бул тууралуу эч ичинде "кыргыздар дүркүрөтүп той бергенге көнүп калышкан, тойлорго бат эле чектөө киргизе алышпайт" дегендер да бар. Анткени менен кай бир айылдарда элдин өз демилгеси менен ашыкча чыгым сарпталбаган тойлор өткөрүлүп келет. Алсак, Чүй облусунун Аламүдүн районунун Көк-Жал айылынын тургуну Орунбеков Шохимордан биздин айылда бир тоок союп деле той өткөргөндөр бар дейт:

"Биз жактагы тойлордо көп деле ысырапчылык жок. Эгерде кыз менен бала экөө бир пикирге келишсе, тагыраак айтканда, ата-энелер бир-бирине ыраазы болуп, уул-кызына макулдугун беришсе той өткөрүлөт. Андай тойлордо көп деле мал союлуп, ысырап кылынбай эле, эки кой менен тойду бүтүрүп койгон учурлар болот. Кээде бир тоок союп өткөргөндөр да бар. Бирок бул кыргыздын салтына ылайык келбейт. Тиги мындай дебесин деп көбүнчөсү кой союп 100, же 200 адам чакырып тамак берип, андан кийин кыздын себи даярдалат. Кыздын себи калың катары берилген акчага ырасталат. Тагыраак айтканда, калыңга берген акчасы кайра эле балага берилет. Кафеде, же ресторанда өткөрүү деген нерсе бизде жок. Кыздын үйүнө той күнү күйөө бала жолдоштору менен барат. Кыздын ата-энеси күйөө балага кийит кийгизип, бир аз тамак-аш берип, анан баары чогуу баланын үйүнө келе беришет. Дасторкондун үстүндө кымбат конфет, печенье коюунун кажети жок биз жакта.

Өзүмдүн көз карашым боюнча, жаңы үй-бүлө куруп жаткан жубайлар ысырапкорчулуктан өздөрүн сакташ керек. Анткени тойдон кийин дагы жашоо бар да. Эч качан карыз менен жашоо курбаш керек. Тойдогу ашыкча чыгымдан алыс болуп, тойдо топтолгон акчалай, же болбосо жөнөкөй белек-бечекктерди топтоп кийинки жашоосуна камкордук көрүш керек. Тойдо баарын чачып түгөтүш керек деген бул туура эмес", – деди.





## "Эл эмне дейт" деген өлүмдөн дагы катуу

Той өткөргөн тарап чайкана, тойканага каражат кетирүүдөн сырткары, кийит кийгизүү салтына, болгондо да асмандын башын чапчыган кийиттерди алуу жөрөлгөсүнө жумшашат. Ошондой эле азыркы тойлордо той ээлерин аты жазылган таттууларды, ар кандай буюмдарды көрүүгө болот. Кыскасы, "эл эмне дейт" деген сөз баарынан бийик туруп, арзаныраак тойго куру намыстары жол бербей, өз абалынан алда канча оор той өткөрүшөт. Баарынан кызыгы, бизде болуп жаткан тойдон дагы, таптакыр боло элек, ал тургай качан болору, кандай болору белгисиз тойлорго каражат жумшагандар бар экени таң каларлык. Мисалы, көпчүлүк жигиттер "мен үйлөнсөм дагы беришет" деген ой менен жоро-жолдошторунун чыгымын чымыркана көтөрүп берет. Бирок, өзүнүн тою качан болоорун өзү да билбейт. Буга чоң эле адамдардын "балам үйлөнсө берет, там алсам берет, менин жакшылыгыма деле берет" деген түшүнүктөрү да өрнөк боло алат.

"Улуу балам 23тө. Достору да аябай көп. Бул бир жагынан жакшы, бир жагынан жаман. Жакында эле бир досу үйлөнүп, баламды күйөө жолдош кылыптыр. Эми кеткен чыгымды айтпай эле коёюн. Келиндин гүлүнө, үйлөнүп жаткан жигиттин костюмуна, жанагы жип, хамерлерди ижарага алганга, кайра белегине деп акча чогултушту. Баш аягы 20 миңге чукул акча бердик. Бербей эле коёюн десем, жигиттерде намыс деген нерсе күч экен. Айла жок бердик", – дейт Света аттуу айым...

*Эми 200 адам чакырылган тойго кетчү чыгымдарды эсептеп көрсөк:*

- Ресторан киши башына – 800 сом ( 200*800 =160 000)
- Тейлөө – 7000 сом
- Музыка киши башына – 100 сом (200*100=20 000)
- Ичимдиктер, дасторкон үстүнө коюлчу нерселердин баары кошулуп 200 000 сом
- Союш – 80 000 сом
- Тамада, видео, сүрөт тартуулар, ырчы чоорчулары биригип 2000 долларга барат

*Кошумча белек-бечекктерди, кийимдерди кошпой эле койсок бул жагы болжол менен 700 000 сомго (9500 доллар) чукул каражатты талап кылат. Ал эми бул акчага эмне алса болоорун карап көрсөк:*

- Келишкен авто унаа;
- Шаар четинен 5 сотка жер тилкеси;
- Чакан жеке бизнес
- Чет өлкөгө эс алуу

Ушундан улам каада-салтын да жоготпой, ашкере каражат да сарптабай той өткөрүп келген бир-эки мамлекет тууралуу айта кетсек:

- Малайзияда той ачык абада өтүп, өтө аз каражат талап кылат. Келген коноктторго тамак-аш тартууланып, белек катары бышырылган жумуртка берилет. Жумуртка байлык жана барчылыктын белгиси дешет алар. Демек, тойго барган малазиялык кыргыздардай болуп баштыгын толтуруп кетпей, бир жумурткага ыраазы болот.
- Кореяда той эң көп дегенде 2 саатка созулат. Эки жаш үйлөнүү салттарынын аткарып бүткөндөн кийин коноктор атайын даярдалган жерде тамактанып, эки жашка белектерин берип үйлөрүнө тарап кетет.

Кыргызстандагы тойлорду, аларга кетип жаткан чоң суммадагы акчаларды карап отуруп биздин эл той өткөрүү үчүн гана жашап жаткандай сезилет. Ал эми жогорудагы мыйзам качан күчүнө кирерин убакыт көрсөтсө, куру намыс үчүн өткөрүлүп жаткан көп чыгашалуу тойлордун качан токтоору ар бир адамдын өз колунда.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Бала сатууну мыйзамдаштырса болобу?

Эл ичинде төрөлбөй жатып оор тагдырга кабылган наристелер көбөйдү. Андайлар кээде туш келди ыргытылса, кээ бири жашыруун жолдор менен сатылып кетүүдө. Ушундан улам, бала сатуу мыйзамдаштырылса, бага албагандар ыргытып жибербей, бага алчуларга сатуу менен маселе чечилеби деген ой туулат…

Коомчулукта өөн учураган окуялар күндөн-күнгө көбөйүп баратат. Алардын бири жана эң эле үрөй учурганы так ушу наристе балдардын аянычтуу тагдыры. Акыркы жылдары төрөлбөй жатып далай бала бул жашоо менен кош айтышса, аман-эсен төрөлгөндөн кийин дагы жарытып мээрим көрбөй талаага таштала. Мына ушул жерден кандайдыр бир суроо туулгансыйт. Эгерде эне өз баласын бага албаса, же баккысы келбесе, анда чындап эле аны асырагысы келген адамдарга кандайдыр бир келишимдин негизинде берсе болбойбу?



### “Заңгыраган батир үчүн төрөгөн эне”

Ушул темага байланыштуу сурагаттык эне болгон кыз тууралуу курбусу төмөндөгүлөрдү айтып берди: “Менин орус курбум бар. Ал өгөй атасы жана энеси менен бир үйдө жашачу. Андан сырткары улуу эжеси дагы ажырашып келип балдары менен турушчу. Курбум өзү жаш болгондуктан ага түрк үй-бүлөсү бала төрөп берсе, Бишкектеги көп кабаттуу элита үйдөн 3 бөлмөлүү батир беришерин айтып суранышкан. Ал бул сунушту кабыл алып, бала төрөп берди. Ал кош бойлуу кезде түрк аялдар анын үйүнө бат-баттан каттап турушчу. Ал эми төрөгөндөн кийин такыр келбей калышкан. Учурда кыз баласы жок болсо дагы, үйлүү болуп калды”, – деди ал.

### “Баланы төрөгөн кызга акча беришкен”

Бир тууган агам 10 жыл мурун автокырсыкка кабылып, келинчегинен ажыраган. Ошондон бир топ убакыттан кийин ал кайра үйлөндү. Биринчи аялынан балдары бар болчу. Ал эми экинчи аялы жашы кыйлага барып калгандыктан төрөй албай калган. Ошондон улам алар балалуу болгон жок. Натыйжада, экөө бала багып алалы деген чечимге келишет. Бирок, баланы кайдан табабыз деп жүрүшкөндө, кандайдыр бир себептер менен бир кызга жолугуп калышат. Ал кыз күйөөгө тие элек жатып боюнда болуп калып, баласынан баш тартайын деп жүргөн экен. Чынында, аборт кылдырганы келгенде ага сиздин балаңызды бага турган үй-бүлө бар, акчасын берет, камсыз кылат деп сунушташыптыр. Ошондон кийин келишим түзүлүп, жанагы кыз Бишкектен сырткары бир айылда баласын төрөдү. 3 күн өткөндө төрөлгөн баланы агамдар алып кетишти. Кандай шарттар менен келишим кылышканын билбейм, бирок төрөлгөн бала учурда 3 жашта. Ал эми аны төрөгөн кызга акча беришкен, төрөтүн жана төрөөгө чейинки жашоосун камсыздашкан.

### “Бала сатып алууга даярмын”

Ушул маселе менен 50 жаштагы каарманга кайрылып, пикирин сураганыбызда ал, учурда бала сатып алууга даяр экенин төмөнкүдөй билдирди.

– Мен деле азыр бала сатып алууга даярмын. Себеби бала асырап алам десең, документ толтуруу машакаты көп, канчалаган убактыт талап кылып, жаныңды кашайтат. Ал тургай ошо жетимканадагы баланы бергиси келбей жаткандай сезим калтырышат. Андан көрө ушул иштин жасай турган ортомчулар болсо, документтерди толтуруп берсе жакшы болмок. Биз ала турган баланы көрүп, акчасын төлөп эле алып кете берсек. Мисалы, менин кичүү балам мектепти аяктап жатат. Неберелүү болушума дагы 6-7 жыл бар. Мына ошонун ортосунда дагы бир-эки бала чоңойтуп алсам жакшы болмок. Кичине балдар ар кайда ташталып, же ыргытылып кеткенден көрө багылып калса жакшы эле эмеспи. Андан сырткары, наристе мыйзамсыз сатылгандан көрө, мыйзамдуу сатылып, мамлекетке салык түшсүн. Мамлекет буларды көзөмөлдөсүн. Саткан адам да, сатып алган адам да көзөмөлдөнсүн. Эгерде мыйзамдуу болсо көзөмөлдөнөт. Мыйзамсыз болсо көзөмөлдөнбөйт. Себеби алар белгисиз болуп калып жатпайбы. Ырас, адамдар ар кандай мыйзамсыз жактар колдонулуп кетет деп чочулашы да мүмкүн. Көбүнчө эркектер аялзатына бала төрөө оңой деп да ойлошот. Төрөй калып эле башка бирөөгө берип салуу оңой көрүнөт аларга. Болбосо чанда эне гана башка бирөөгө баласын берет. Чанда аял гана төрөй бергенден коркпойт.

### “Анда сойкулар деле мыйзамдалсын”

Ал эми 30 жаштагы Канат аттуу мырза балдарды сатып алууга караманча каршы экенин мындайча билдирди: “Туура, учурда балдарын таштап кеткендер көбөйүп жатат. Ошол эле маалда өз баласын саткандар да бар. Бирок, биз муну мыйзамдаштырып койсок, анда алар азыркыдан да көбөйүп кетпейби. Мисалы, азыр ансыз деле жашыруун кумарканалар иштеп жатат деп кумарканаы мыйзамдаштырып койсок эмне болот? Ансыз деле иштеп атат деп сойкуларга уруксат берсек эмне болот? Эгер бир нерсеге мамлекет тыюу салса ал кандайдыр бир деңгээлде өркүндөп өсө албай, басмырланып турат. Уруксат берип дегиче, дүркүрөп өсөт. Андан сырткары, бала сатууну жаман жакка колдонуп кетчүлөр да чыгат. Себеби эл ичи ар кандай. Кээ бири бизнеске айлантышы мүмкүн. Айрымдар тескери ой менен багып алышы мүмкүн. Мисалы, террордук уюмдардын каражаты менен 10 бала сатып алып, башкесер кылып тарбияласа эмне кылабыз?”

### “Баласын саткан адам жазага тартылсын”

Ушундан улам “бала сатууну мыйзамдыштырса болобу?” деген суроо менен Жогорку Кеңештин депутаты Айнуру Алтыбаевага да кайрылдык.

**Жогорку Кеңештин депутаты Айнуру Алтыбаева:** “Бул кылмыш кантип мыйзамдыштырылмак эле? Бул түздөн-түз кылмыш. Ким баласын сатса, же таштап кетсе, ал кылмышка тартылат. Кылмыш жаза кодексинде ушундай жазылган. Өз баласы болсо да сатканга болбойт. Аны сөзсүз жазага тартыш керек. Бала асыроонун мыйзамдуу жолдору бар. Интернет булактарынан баласын дааратканага таштагандарын, же өз баласын 20 миңге сатты дегендерин окуп калам. Бул адамдар сөзсүз жазага тартылыш керек. Сиз айткан процедураны эч кандай мыйзамдырыштын кереги жок. Тескерисинче, кылмыш кылган адамды кылмышкер деп атап, сөзсүз жазага тартыш керек”, – деди.



### “Бул маселени кеңири талкууга алыш керек”

Ал эми **Республика-Ата журт партиясынын депутаты Алиярбек Абжалиев** бул маселе тууралуу төмөнкүлөргө токтолду: “Бул маселе боюнча бирдеме деш кыйын го. Эгер ушундай боло турган болсо акча түшүрүүнү негизги максат кылбаш керек. Баланы көчөгө таштагандан көрө, зар болуп жүргөн бирөө багып алганы жакшы да. Бюджетке акча түшөт деп караган болбойт. Биздин элибизде, менталитетибизде мындай болгон эмес. Акыркы убакта болуп жатканы өтө жаман. Деги бул маселени карап чыгыш керек окшойт. Баланы сатуу мыйзамын колдойм же колдобойм деп айтуу кыйын. Муну мыйзамдыштарганга чейин карап көрүп, идеологиясын туура жүргүзүш керек. Жаш кыздар төрөп коюп жатат. Бирок, балдары эмне болуп жатканын кайдан билебиз. Бул өтө эле чоң, актуалдуу маселе экен. Мен муну көтөрүп чыгыш керекпи деп ойлойм.”



### “Бала сатуу арам болуп саналат”

Ал эми **Чубак ажы Жалилов** баланы сатуу шариятка такыр туура келбээрин мындай билдирди: “Шариятыбызда адам баласынын дене мүчөлөрүн сатуу толугу менен арам болуп эсептелинет. Ал эми чачты, тырмакты, канын да саткан болбойт. Ошондой эле жаш баласын бага албай калган адамдар аны бага ала турган адамга сатуусу да арам болуп саналат. Анткени бага албай калды деген шылтоо менен бала сатуу бизнеси башталып кетүү коркунучу бар. Ошондуктан эгерде бала сатууга мыйзам жол берсе, анда шарият буга толугу менен каршы келет. Адамдар өзү такыр бага албай калса, анда мамлекет аркылуу баланы багып алчу үй-бүлөгө берсе бир жөн. Бирок аны да адат кылбаш керек. Андайлар жыл сайын төрөй бере турган болсо, анда андай адамдарды операция кылып, төрөй турган мүчөлөрүн алып коюш керек. Ооба, баланы асырайм деген адамдарды дагы көзөмөлгө алыш керек. Анткени багып алабыз деген шылтоо менен органдарын алмаштырышы, же дагы башка нерселерди кылышы мүмкүн. Эгер кыздар күйөөгө чыкпай төрөп алса, аны бирөөгө бериш керек дебей, өзү эптеп багышы керек. Эгер такыр эле бага албаса башкалар алса болот. Бирок соодага айланып кетпеши керек. Кыз кыйналды, төрөдү, ден-соолугу кетти деп акча бергенге да тыюу салынганы оң. Ошону негиз кылуу менен бала төрөөнү бизнес кылып кетиши мүмкүн. Ушундай нерсенин бардыгы башынан баштап жокко чыгарылышы зарыл. Биз мусулман коомчулугу буга толук түрдө каршыбыз”.

Маалымат катары, onkavkaz.com маалымат сайтында Избербаш айылынын тургуну 5 жаштагы кызын 100 миңге сатаарда кармалган. Кавказда жаңы төрөлгөн эки наристенин бирөөсү 1,3 миң долларга, экинчиси 5 миң долларга сатылган. Ал эми Дагестанда болсо жаңы төрөлгөн эркек бала 500 миңге сатылса, кыз бала 350 миңге бааланган. Кытайда бир баланы 175 миң юаньга табууга болот.



АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Китеп окуунун маанилүүлүгү

"Китеп – билим булагы, билим – өмүр чырагы" деп улуу муундарыбыз бекеринен айтпаган чыгар. Чындыгында, китеп – биздин өмүрдүн чырагы гана эмес, жашообузда багыт, караңгыда жарык, түгөнгүс кенч, көйгөйлөрдөн арылтуучу бирден-бир жол. Мына ушул түгөнгүс баалуу булактан колдоно албай жатканыбыздан улам бүгүнкү күндө кээ бир зээнди кейиткен окуялар, инсандык терс сапаттар пайда болуп, адамдар бул жашоодогу максаттарын так биле албай жашап келүүдө.

## Китеп тууралуу улуу жазуучуларыбыздын ойлору

*«Китеп – адамдардын руханий байланышындагы көөнөрбөс көрөңгөнүн бири. Ал адамды өз башатына баш багууга, жан дүйнөсүнүн сырдуу түйүндөрүн чечүүгө, учурдагы, өткөндөгү жана келечектеги турмушка сереп салып, байкоо жүргүзүүгө түрткү берет. Китеп - адамдарды байланыштырат.»* **(Ч.Айтматов)**

*«Китепти сүйгүлө, ал силердин жашоо-тирилигиңерди жеңилдетет. Адамдарды сүйүүгө, өзүңдү-өзүң урматтоого жардам берет. Дүйнөгө, адамдарга карата оюңарды жана жүрөгүңөрдү эритип, көңүлүңөрдү кушубак кылат.»* **(М.Горький)**

*«Китеп адамзаттын оюндагы берметтерди чогултуп туруп келечек муундарга сунуш кылат. Биз акыры жок болобуз, ал эми китеп таштан же темирден жасалган эстелик сымал түбөлүккө кала берет.»* **(Айбек)**

*«Дүнүйө абдан кең. Өз көзүңөр менен анын кымындай үлүшүн гана көрө аласыңар. Ошондуктан далилди китептен издеп, китепти жыйнай билгиле.»* **(В.Обручев)**

«Китепти ойлобой окугандык, тамакты сиңирбей ичкенге барабар.» **(Э.Борк)**

*«Жакшы китеп автордун адамзатка калтырылган мурасы.»* **(А.Адиссон)**

*"Эгер адам баласына тагдыр буйруп, Кудай болуп калса, анда анын "ордо тагы" китеп болмок."* **(Л.Н.Андреев)**

## Китеп окуунун пайдалары:

**1.** Депрессиядан чыгууга жардам берет;
**2.** Максат коюуга көмөк көрсөтөт;
**3.** Сөз байлыгыңызды кеңейтет;
**4.** Жазуу шыгыңызды арттырат;
**5.** Идеялар менен байытат;
**6.** Чет тилин өздөштүрүүгө жардам берет;
**7.** Сабырдуулукка үйрөтөт;
**8.** Ой-жүгүртүүнү жакшыртат;
**9.** Унутчаактыктан арылтат;
**10.** Жакшы жашоо образын түзүүгө көмөктөшөт;
**11.** Биз байкабаган, бирок мээбизде пайда болгон оорулардын алдын алат;
**12.** Саякатка алып чыгып, жакшы сезимдерге бөлөйт;
**13.** Мээнин иштөөсүн жакшыртат;
**14.** Тынч уктоого шарт түзөт;
**15.** Эң негизгиси, рух казанды толтурат.

## Эмне үчүн азыркы жаштар китеп окубай калды?

Бул суроонун үстүндө акыл калчай турган болсок, эң биринчи себеби – азыркы муунда китепке болгон кызыгуу жоголду. Анткени телефон, компьютер, телевизор дегендер китептин ордун ээлөөдө. Маданият, маалымат жана туризм жаатындагы экс-министр Султан Раев 2015-жылы 23-апрель Эл аралык китеп күнүнө арналган иш-чарада Кыргызстан китеп окуу боюнча дүйнөдө акыркы орундарда турарын айтып, китеп окуу маданиятын жандандыруу керектигин билдирген.

Изилдөөлөргө таянсак, Союз учурунда кыргыз жазуучуларынын китептери китепканада суралган эң алдыңкы саптарды ээлеген. Азыркы учурда Кыргызстандын эл аралык китеп жармаңкелерге жөнөтө турган китептери чектелүү. 1990-жылы Бишкек шаарында китеп саткан 25 дүкөн болсо, азыр 5-6 гана дүкөн иштейт. Алардын ичинен көпчүлүккө белгилүү "Раритет", "Нуска", "Дилазык" аттуу дүкөндөр элди пайдалуу китептер менен камсыздап келет.


## Китеп окуу формалары

Тыныгуусуз 45 мүнөттөн окуу пайдалуу. 45 мүнөттөн кийин 10-15 мүнөттүк тыныгуу жасаса мээ жакшы кабыл алат. Окулган маалыматтын 70%ы 1 сааттын ичинде, ал эми 80%га жакыны 1 күн ичинде унутулат. Андыктан мындай учурда конспект жазуу ыкмасы сизге жардамга келет. Китепти жай окуган киши 1 мүнөттө 100-200, орточо окуган киши – 200-300, ал эми бат окуган киши – 600-800 сөз окуйт. Китеп окуу – мээ үчүн күчтүү гимнастика.

## Китепке дилгир окурмандар үчүн кеңештер:

- Китеп окуганга табити тартпай, көңүл айнып жатса, ар күнү 5 мүнөт китепке үңүлүп, андан көргөнүнө ой жүгүртсө эле табит ачылып, көңүл жайына келет. Эгер, 5 мүнөттүк китеп менен тиктешүүнү адат кылып алса, тиги оорудан кулandan соо айыгып кетиши толук мүмкүн. Ал эми тиктешүүлөрдүн убактысы узарган сайын, бейтап өзүн аябай жакшы сезип калат.
- Китеп адамдын эң жакын досу болгондуктан, ар дайым сиздин жаныңызда жүрүшү керек. Кезек күтүп калганда, автобус күткөндө, маршруткада баратканда, уктаар алдында, врачты күткөндө, эс алууга чыкканда, чарчап-чаалыкканда дароо сиздин көңүлүңүздү ачуу үчүн, сизге энергия, мотивация тартуулоо үчүн китеп жардамга келет. Ошондуктан кайсыл жерде жүрбөңүз баштыгыңызга сала жүрүңүз.
- Китеп окуганда да баарын окуй бербей, пайдалуу, тарбиялык мааниси бар, жаңы нерсе үйрөнө турчу китептерди тандасаңыз жакшы.
- Эгер сиз ата-эне болсоңуз, анда бала менен жакындан байланыш түзүүнүн эң жакшы мүмкүнчүлүгү китепте. Балдарыңызга жомок китептерди окуп берүү менен эң жакшы тарбия берип, мээрим төккөн болосуз.
- Китеп сатып алууда базардан, көчөдөн эмес, атайын китеп дүкөндөрүнө кайрылганыңыз оң.
- Эгер сиз ишкер болсоңуз, ар айда жок дегенде 1 китеп болсо да үйүңүзгө сатып алуу ар-кылуу, китепканаңызды пайдалуу китептер менен толтурсаңыз балдарыңызга мурас болот. «Дүйнөдө эң бай адам ким десе, ал китеби эң көп адам», – деп жооп бериптир бир акылман. Андыктан китеп сатып алуудан акчаңызды аябаңыз. Кишинин мээсиндеги өзгөрүү сыртындагы өзгөрүүдөн жай болсо, анда ал кишини артта калып баратат десе болот.

Китеп адамдын окутуучусу, акылдуу кеңешчиси жана ишеничтүү жардамчысы. Китеп адамды билимдүү кылуу менен бирге көз караштардын, мүнөздүн негиздилишине себепкер болот. Эң негизгиси адамдын өзүн-өзү таанууга өбөлгө болот! Андыктан өзүңүздү кеч боло электе тааныңыз да максатыңызды тактап, бактылуу жашоо образын түзүңүз.



Даярдаган:
АЙНАГҮЛ КУДАЙБЕРДИЕВА

# Өзүбүздү өзүбүз көтөрөлү дедик

Бул жолу өлкөбүздө албан-албан ийгиликтерди жасап, бел чечпей кызмат кылып келген «Адеп башаты» коомдук прогресивдүү фондунун жетекчиси Нурлан Субанов мырза менен маектешип, фонддун алгылыктуу иштерине күбө болуп кайттык...



### Кыргыздын үрп-адаттарына туура келген жактарын карап

Элибиз эгемендик алып, демократия жолуна түшкөндөн тартып, Кыргызстанда ар кандай жамааттар көбөйдү. Арасында туура үгүттөп жүргөндөрү болду, туура эмес үгүттөп жүргөндөрү болду. Ал тургай, таптакыр башка динге үгүттөп, же кайсы бир саясий топтун кызыкчылыгын көздөп калгандар да болду. Мына ошондой учурда Египеттен билим алып, ар жак, бер жакты көрүп келген агаларыбыздан бир-экөөсү келип ушул фондду түптөп чыгышкан экен. Чынында, ал жакта мындай фондор көп. Жолго түшүп, өз нуктарын таап алышкан. А бизде андай деген жок болчу. Эсиңерде болсо, ошол 2000-жылдардын башында бул жакка келген арaптар өз акчаларынан Курман айтта бир-эки бука союп, этин элге тараткан. Ошондо биз "өмей ушунтсе да болот экен да" деп таң калганбыз. Кийин курман айт болгондо концерт уюштуруп, андан чыккан элге пакеттерге салып, 1 килограммдан эт таратышты. Биз ошондо укмуш таң калганбыз. Бишкекте эл ичинде дүң болуп кеткен. Мечитти да арaптар салат, эми этти да таратып атат дешип. А кийин өзүбүз Египетке баргандa бул нерсе ал жакта жөнөкөй эле көрүнүш экенин көрдүк. Мисалы, Кувейт мамлекетинен чыккан Сауд аль Баптин деген улуу инсан бар болчу. Өзү кичине кезинен жетим калып, кыйынчылыкта чоңоюптур. Кийин соода кылып жүрүп, акырындап бутуна турган. Ошол адам Союз тарап кеткенде ушул жактагы мусулман өлкөлөргө дароо аракет кылган. СССР боюнча мусулман элдерден окуйм деген балдарды чогултуп барып, Египетте бекер окуткан. Жаткан жатаканабызды, окуубузду бекер кылып берди. Стипендия берчү, ар эки жылда бир үйүбүзгө келип-кеткенге жол киребизди төлөп берчү. Андан сырткары, дагы башка фондор бар эле. Биз аларга да жазылып, үй-бүлөлүү болсок, же дагы башка шартыбыз болсо ошого жараша стипендия алчубуз. Кыскасы, бул көрүнүш ал жакта кеңири таркалган. Муну ошол жерде жашаган арaптар өздөрү эле кылчу. Башка эч кимден күтчү эмес. Колунда бары зекетин берип, садагасын берип, анысы фондго чогулуп анан андан илим жолунда жүргөн студенттерге ар кандай жардамдар бөлүнчү. Мына ошону биздин агаларыбыз алып келип, элдин илимбилимин көтөрүү максатында, студенттерге стипендия берүү менен ушул жерде баштады. Эң биринчи жолу "Адеп башаты" деген ат менен 2003-жылдары Бишкекте ачылды. Кийин Караколдо, Ошто, андан кийин Нарында иштей баштады.

### 700дөй бодо союлат

Мен бул фондо эң алгач Каракoлдогу борбордо иштеп баштадым. Ошол жаңы түптөлгөн жылы биз ал жакта 1 кунаажын, анан 4-5 койду араң сойгонбуз. Ошондо аябай сүйүнгөн элек. "Биздин өзүбүздүн эл чогултуп союп атат" деп кубанганбыз. Анан Бишкекте 60-70тей, Ошто 10-15тей бодо союлуп жүрүп, учурда 700гө чукул бодо курмандыкка союлууда. Ошондон бери бул эттерди таратуу жагынан да "Адеп башаты" фонду аябай такшалып калды. Мисалы Чүй, Көл тарапта Курман айт жакындагандан тартып эле бизге каттар келе баштайт. Медреселер, диний илим берген тармактар, жетимдер үйлөрүнүн, майыптар үйү, карылар үйү дегендердин бизде тизмеси бар. Союлган эттер ушундай мекемелерге таратылат. Башында биздин фондго кайрылуу кат келсе эле барып бере беришчү экен. Көрсө, арасында алдамчылар да болуптур. Мисалы, кайсы бир облустан биздин фондго "карыялар үйүнө жана жетимдер үйүнө эт бериңиздер" деп сурануу каты түшкөн экен. Айтылган дарек боюнча барса, андай эч нерсе жок болуп чыгыптыр. Кат жазгандар өздөрү эле алып коюшмак окшойт. Андайлар кийин Чүйдө да билинип калды. Кээ бирөө болсо туугандарынын балдарын чогулта калып, кайрылуу жазып эт алып, бөлүшүп алышат экен. Ошондон улам кийин арыз түшкөндө текшерип калдык.







### Жүрөгүң зыркырап, жакаңды кармайсың

Биз бул иштерибиз менен көптөгөн фонддорго үлгү болдук. Мисалы мен Караколдон кийин Жалал-Абадда ачылган борборубузда иштедим. Ошол жакта жүргөнүмдө "Жаңы муун", "Жаш кыял" деген сыяктуу фонддор ачылды. Карасак, алар деле ушул биздин иштерди аткарып келатат. Мисалы биз студенттерге стипендия берип, аларга эл-жерди таанытуу максатында саякаттарга чыгарып, бири-бири менен аралаштырып, конкурстарды өткөрүп жатсак, башка фондор деле ошону кылып атышат. Бул бир жагынан өтө кубанычтуу. Себеби кимдир бирөөлөргө жакшы үлгү болуп, жакшы чыйыр ачтык да. Бирок, ушуга окшогон кайрымдуулук фонду көбөйүп жатканы менен кайрымга муктаж тараптар да көп. Мисалы азыр "Элим барсыңбы" фонду менен иштешип атпайбызбы. Ошондо муктаж адамдардын, биз билбеген, ал тургай бизди билбегендердин саны укмуш көп экен. Биз жетише албай калып жатабыз. Мисалы, быйыл "Элим барсыңбы" фонду менен өзгөчө иш чара өткөрдүк. Жанагы Дордой базары тарапта Ак-бата, Келечек деген жаңы конуштар бар эмеспи. Ошол жактарга барып "Жылуулук тартуулайбыз" деген ат менен иш чара өткөрдүк. Өзүбүздүн мүчөлөрдү, демилгечилерди алып бардык. Аябай көп көмүр чогултуп, муктаждарга тараттык. Эми ал жактагы кыйналып жашаган адамдардын жашоосун көрүп туруп тим эле жүрөгүң зыркырап, жакаңды карманасың. Биздин демөөрчүлөрүбүз ал жакты көрүп аябай таасирленди. Мисалы бир апа 6-класс окуган баласы менен турат экен. Күйөөсү да каза болуп калыптыр. Апа өзү инсульт. Эч кыймылдай албайт. Бир кенедей времянкада, алачык десең жарашкыдай үйдө жашап атышыптыр.

### Мавлюдка даярдык жүрүүдө

Негизи жалгыз эле ушу курман айт менен чектелбейбиз. Мисалы, орозодо жер-жерлерде ооз ачарларды уюштурабыз. Андан сырткары, студенттер менен иштөөгө басым кылабыз. Аларга стипендия беребиз, ыймандуулук жаатында иш-чараларды уюштурабыз. Кудай буюрса, жакында "Мавлюд" программасы болот. Ошого спорт сарайын 4 күнгө ижарага алдык. Биринчи күнү, 17-апрелде Кыргызстан боюнча Куран жарышы болот. Ага чейин жер-жерлерде тандоолор болот. 17-апрель күнү тандалган мыктылары келип бул жерде ат салышат. Ага дагы көп суммадагы каражат бөлүндү. Андан сырткары 18-19-апрелде мавлюд салтанаты өтөт. 20-апрелде болсо, китеп окуу конкурсу болуп жатпайбы. Муфтият, Ислам университети менен чогуу уюштурганбыз. Ошонун жыйынтыгы 20сы күнү чыгып, жеңүүчүлөрдү аныктоо, белек берүү аземи өтөт. Мына ушунун баары оңой эмес күчтү талап кылат экен. Мисалы, ал жерде диний маанайдагы сахналаштырылган көрсөтүүлөр болот, роликтер тартылат. Элди ыйманга чакырган, мээримдүүлүккө, кайрымдуулукка чакырган нерселер көргөзүлөт.


### Өзүбүздү өзүбүз көтөрөлү

Ушул иштин баарына оңой акча кетпейт. Бирок биз буларды өткөрүш үчүн башка мамлекеттен, же дагы бир чет өлкөлүк байлардан, фонддордон, же мамлекеттен акча албайбыз. Мунун баарын бизге ушул эле жердеги жергиликтүү адамдар чогултат. Өзүбүздү өзүбүз көтөрөлү, өз майыбызга өзүбүз куурулалы деген жүрөгүндө жалыны бар жарандарыбыз тапкан-ташыганынан колунан келишинче чогултуп берет. Ошону менен жаштарыбыздын окуусуна жардам катары стипендия беребиз, кайрымдуулуктарды өткөрөбүз, элди ыйманга чакыра турган, шыктандыра турган иш-чараларды уюштурабыз. Медреселер, бала бакчалар, мектептер ачылып атат. Негизинен дин, ыйман жагына басым кылабыз. Бул ыймандуулук деген адамды өзүнө тартат экен да. Кудайдан коркуу, элге кызмат кылуу, бейишке кирүү дегенди мекендештерибиз туу тутуп атышат. Бейишке кирүүнүн жолу башкаларга кызмат кылуу аркылуу өтөт дегенди бекем карманган агаларыбыз бар. Ошол негиз менен өздөрү таанybаган, көрбөгөн, эч бир туугандыгы жок адамдарга жардам беришет, стипендия берет дегендей. Мына биздин кызмат ушундай өтүп жатат...

ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Кайран гана эл

Эл башынан өткөн оор күндөр менен заманыбызда жайбаракат оокатын кылып, тарыхына кайдыгер караган муундун иши жок сыяктуу. Өткөн күндөр үчүн көз жашын көлдөтүп, карт тарыхтын бир бүктөмүндө жүрөгү жараланып, көөдөнү кайгы-муңга толуп, тагдыры шорго малынган элинин өтмүшүн кагаз бетине жамак кылып жазып кеткен акыныбыз Ысак Шайбеков тууралуу бүгүн сөз кылмакчыбыз. Анткени белгилүү акындын "Кайран эл" поэмасынын мазмуну Улуу Үркүндүн 100 жылдыгына үндөшүп, элдин кайгылуу күндөрүнөн кабар берип турат



## Кайран элге кайрылбоо – түркөйлүк

XIX кылымда дүйнөлүк цивилизациянын өнүгүшүнөн бир катар артта калган кыргыздар дале да болсо уруучулук принциптер менен күн көрүп келишкен. Мындай жашоо таризи элибиздин экономикалык, коомдук, саясий, социалдык жактан өнүгүшүнө тоскоолдук жараткан. Албетте, өнүгүүсү начар эл ар качан азуулуунун тырмагына илинип, жем болору белгилүү. Административдик башкаруусу, ички биримдиги жок элибиз колонизаторлордун кылтагына оңой илинип, сыйыртмагына башын эрксизден салып берген. Кыргыз кыргыз болгону ак пааша бийлигинен мындай адилетсиз, мыкаачылык менен жасала турган кара ниеттикти күткөн эмес. Кыргыз тарыхында кара так болуп болуп белгиленип калган 1916-жылдагы кандуу окуя тууралуу оозунда кеби, айта турган сөзү бар чыгармачыл адамдардын эскерүүлөрүнөн, жазып кеткендеринен биздин күндөрүбүзгө жетип отурат. Үркүн тууралуу жазбаган кыргыздын алгачкы интеллигенттери болбогон чыгар. Аалы Токомбаев ушул темада жазган "Кандуу жылдар" романы тууралуу "муну мен канымды сыя кылып жаздым" деп айтканы бар. Андан сырткары, Мукай Элебаевдин автобиографиялык "Узак жолун", Жусуп Турусбековдун "Ажал ордуна" музыкалык драмасын, Касымаалы Баялиновдун "Ажар" повестин жана башка толгон-токой мисалдарды келтирсек болот. Ал эми мамлекеттик ишмер Баялы Исакеевдин документалдуу мисалдары, Жусуп Абдрахмановдун күндөлүктөрүндөгү хроникалар Үркүндө азып-тозгон элдин кейиштүү абалынан далилдүү кабар берет. Ошол эле маалда эл ичинде "молдоке" аталып, араб арибинде жаза билген сабаттуу чыгармачыл адамдар да өз башынан, эл башынан өткөргөндөрдү жамактата жазып кетишкен. Мына ушул адамдардын катарында айтылуу Ысак Шайбековдун ошол кездеги легендарлуу чыгармага айланган "Кайран элине" кайрылбай коюуну түркөйлүк деп эсептейбиз.

## Эки замандын жарчысы

Кыргыз адабият таануу илиминде жазгыч акындар деген катарды толуктап турган белгилүү акындардын бири – Ысак Шайбеков атабыз эле. Кыргыз адабиятында совет доорун жана андан мурунку падышалык бийлик учурундагы турмушту көрүп-билген, жашаган акын-жазуучуларды эки доорду көргөн адамдар деп эсептешкен. Ысак Шайбеков да мына ошондой эки заманды көргөн чыгармачыл адамдардын катарында турат. Кыргыз турмушундагы маанилүү тарыхый окуяларды өз көзү менен көрүп, аны чыгармаларында кененкесири, таамай чагылдырып берген. Ысак 1880-жылы Чоң-Кемин аймагында кембагал адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Атасынан жаштайынан айрылган Ысак жетимдиктин азабын тарткан. Балтыр эти толо электе, боконо сөөгү ката электе ар кайсы орус, өзбек байларына жалданып иштеп, балалыгын мээнет чырмаган. Тапканынан салыкка төлөгөнү көп болуп, турмуштун ачуу-таттуусунун даамын жаш кезинен эле таткан.

Билим алууга аракети күч Ысак Токмок шаарында ачылган мектепте окуй баштайт. Саргара мээнет кылып жүрүп, кат-сабатын жоюп, старчындын катчысы болуп иштей баштаган.

Кат-сабаты жоюлгандан кийин балалык курагында жамактатып ырдай калып жүргөн ырларын кагаз бетине түшүрөт. Элдик оозеки чыгармачылыктын таасиринде чоңоюп, чыгармачылыгын жамак аркылуу туюндурган. Алгачкы чыгармалары жокчулук, кедейлик, социалдык теңсиздик тууралуу болуп, кийинки чыгармалары эл турмушунда болуп өткөн тарыхый кырдаалдарга байланыштуу болгон. 1911-жылы Чүй жергесинде болуп өткөн чоң жаратылыш кырсыгы тууралуу "Зилзала" аттуу чыгармасын жазган. Ал муну адамдардын пейилинин бузулушунан, Кудайга жакпаган адамдардын кылык-жоругунан, динди бекем карманбаганынан улам болгон деп чечмелеген.

Бөтөн жерде кыргыздын талканга сатылганын, жергиликтүү элдин көзүн карап, ар-намысы тебеленгенин, ыза-кордук тартканы көзүңө кадимкидей тартылат. Жалпы эл башына түшкөн мүшкүлдүн ырай-бешенеси учурдагы Сирияны элестетет.

## "Кайран эл"

Акындын чыгармачылыгындагы эң маанилүү орунду ээлеген "Кайран эл" аттуу поэмасында өзүнүн жон терисинен өткөргөнүн жазган. Чыгарманыны сюжеттик мазмунун 1916-жылдагы улуттук боштондук кыймылы түзөт. Кыргыз акын-жазуучуларынын ичинен биринчилерден болуп Үркүн темасына кайрылган Ысак Шайбеков эле. Бул чыгарма азып-тозуп жүргөн элдин арасына чагылгандай тараган. Элдин арманына айланган "Кайран элди" кимдер гана ырдабаган. Аалы Токомбаевдин эскерүүсүндөгү "Ысактын "Кайран элин" жатка билер элем. Ошону ырдаганда эле элдин муун-жүүнү бошоп, колунда болгонунан бөлүшө калчу. Ысакемдин "Кайран элин" айткан кайырчынын колу кур чыкчу эмес" деп айтканы эске түшөт. Чыгармада автор көтөрүлүштүн келип чыгуу себептерин, анын уюштурулушун, аёосуздук менен орус аскерлери тарабынан басылышын, кыргыздын ачбел, куу – жондо орустун огунан, сууктан, ачкалыктан, оорудан кырылганын муңдуу баяндайт. Бөтөн жерде кыргыздын талканга сатылганын, жергиликтүү элдин көзүн карап, ар-намысы тебеленгенин, ыза-кордук тартканы көзүңө кадимкидей тартылат. Жалпы эл башына түшкөн мүшкүлдүн ырай-бешенеси учурдагы Сирияны элестетет. Андайда азгын менен бозгунду ким жакшы көрсүн? Башына карыптык түшүп, бир кезде Манас бабаң алган Чет Бээжин калкында кайыр сурап, өлбөстүн күнүн көрүш үчүн дунган, уйгур, кытай сүткорлорунун эзүүсүн, кордугун көргөн кайран эл же жерине кайтып кете албай, же ажалынан мурун өлө албай алдастады го. Ачкалыктын, сууктун, жокчулуктун азабын тарткан кайран кыргыз колунда болгонун сатып: "Башың аман болсо, алтын аяктан суу ичерсиң" деп амандыгын гана тиледи.

Поэма "Азган эл", "Кайран эл", Кайткан эл" деген үч бөлүктөн турат.

Ысак Шайбек уулунун бул чыгармасын билүү ар бир кыргыз баласына милдет болушу керек. Элибиздин тарткан сансыз азабы, оор жоготуусу кийинки муундардын мамлекеттүүлүк тууралуу, азаттык тууралуу түшүнүктөрүн калыптандырууда маанилүү сабак болоруна шек жок. Ата-бабаларыбыздын кырылгандан калганы Кудайдын буйругу менен өз жерине кайтып, мамлекеттүүлүгүн түптөп, желегин бийик көтөрүп турганы кандай бакыт! Бул бакыт бизге аталарыбыздын каны менен, энелерибиздин ыйы менен, элибиздин шору менен келгенин терең билишибиз керек. Ысак атабыз баяндап ырга салып кеткен "Кайран эли" элибиздин улуттук мүнөзүн калыптандырып, ар-намысын курчутуп турат. Окугула, билгиле! Ыйлагыла! Ата-бабаларыбыздын жаркын элестерине таазим кылгыла!

**"Кайран элден" үзүндү**

*"Арзан шаар кайда"– деп,*
*Төтөлөдү, кайран эл.*
*Карылары баса албай*
*Жөтөлөдү, кайран эл,*
*Жаш балдарын мойнуна*
*Көтөрөдү, кайран эл.*
*Караңгы уйгур тамына*
*Корголоду, кайран эл.*
*Баарын берип жан үчүн,*
*Жорголоду, кайран эл.*
*Жазгы жамгыр мойнуна*
*Шорголоду, кайран эл.*
*Чыны менен ошентип*
*Кор болобу, кайран эл?*
*Кийим, тамак таба албай*
*Алдырады, кайран эл.*
*Ар кимге там бергин деп,*
*Жалдырады, кайран эл.*
*Бай малынан түңүлүп,*
*Шалдырады, кайран эл.*
*Жарды жанын канетип,*
*Калдырады, кайран эл.*
*Антпегенде кантеди*
*Акыл, эси айран эл.*
*Тополоңу тоз болуп,*
*Тозуп кетти, кайран эл.*
*Өз элинен адашып,*
*Бозуп кетти, кайран эл.*
*Жесир калган эри өлүп,*
*Келин сатты, кайран эл.*
*Бир-биринен адашып,*
*Тоз-тоз болду, кайран эл,.*
*Эртели, кеч бир-бири*
*Баш кошподу, кайран эл.*
*Болжоп жолдун боюна*
*Бозо сатты, кайран эл.*
*Чычырканак казышып*
*Түбүн сатты, кайран эл.*
*Кымыз, бозо ачыткан*
*Күбүн сатты кайран эл.*
*Тоо, токойдун ичинен*
*Дүмүр сатты, кайран эл.*
*Үйгө жыйган төшөнчү,*
*Жүгүн сатты, кайран эл.*
*Ыңырчак менен көтөрмө*
*Аркан сатты кайран эл.*
*Ачкасына чыдабай*
*Арзан сатты, кайран эл.*
*Кийип турган үстүндө*
*Тонун сатты, кайран эл.*
*Эч нерсесин калтырбай*
*Сонун сатты, кайран эл.*
*Үйгө жыйган казына*
*Булун сатты, кайран эл.*
*Энелерин ээрчитип,*
*Кулун сатты, кайран эл.*
*Илме менен сайдырган*
*Сайма сатты, кайран эл.*
*Мал базарга бышырып*
*Жарма сатты, кайран эл.*
*Тогуз карыш, он карыш*
*Казан сатты, кайран эл.*
*Азаттыкты эңсешип*
*Зарлап жүрөт кайран эл.*

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

# Ким бай?



Айылдагы эң бай адамдын эсеп жеткис байлыгы тууралуу эки өспүрүм сөз кылып калат. Ошентип байдын байлыгы боюнча кызыл чеке талаш башталып, жаш уландар чатакташа баштайт.

– Асан байке жыйган байлыктай биздин чөлкөмдө байлык жок, – деп Дастан кеп баштайт.

– Жок, анын байлыгы тиги Жанектикине караандабайт, – дейт Жетиген.

– Ой, сен бери карасаң, Асандын субай жылкысы эле эки жүздөн ашык, тубар бээлери үч жүздөн ашык. Коюна болсо сан жетпейт. Ал эми өлүү дүйнөсү канча? Кана айтчы, аныкындай короо жай менен үч кабат үй барбы биздин айылда? Үйүнүн жасалгасы кинодогу байлардыкынан ашса ашат, бирок кем калбайт.

– Ой, Жанектики билинбеген менен андан көп. Миң гектардан ашык эгин себет. Картөшкөнү быйыл элүү гектарга айдады. Сен эсептебейсиңби, бул эмне деген акча? Сен экөөбүздүн ата-энебиз үлүшкө бөлүнгөн үч гектар жерди араң иштетип жатпайбы. Ээх, бизде да ушундай акча болсо кана? Жомоктогудай кан сарайларды салбайт белек.

– Менин андай акчам болсо, булардыкынан артык там салат болчумун. Сага окшогон кембагалдарга кайрымдуулук кылып, ай сайын бекер акча таратып турмакмын.

– Чөнтөгүңдө беш тыйын жок. "Ичээрге айраны жок, уулунун аты Жууратбек" дегенди укпуң беле? – деп Жетиген санын чаап, арсалаңдап каткырды.

– Оозуңа карап сүйлө, эй! Болбосо өтүңдү алып коём!

Дастан балапан короздой үрпөйө калды заматта. Бирок Жетиген да жөн калган жок.

– Омээй, муну кара! Сен ким экенсиң мага?! Азыр мурдуңду чекеңе жармаштырып коюп жүрбөйүн!

Ошентип экөө тең тура калып, жакалаша кетишти. Баятан бери бастырманын кырына чокчоё отуруп алып, жазгы күнгө калжайган сөөк-саагын кактап отурган Жуман карыя бул бекерчилердин аңгемесин угуп отуруп, бир чети күлкүсү келип, бир чети кыжыры кайнады.

– Ок, атаң оозурайын, чукулдашкан жубарымбектер! Бери келгиле мен силерге акча, байлыкты айтып берейин. Бери баскыла! – деп өкүм сүйлөдү ал. Жуман карыя айылда сөзү эки болбогон аксакал болгондуктан тигил экөө баштарын күнөөлүү немедей шылкыйтып, карыянын алдына келишти. Карыя болсо аста баштап, бек таштап өзүнүн насаатын айта баштады:

– Экөөң ойлогондой байлык деген оңой нерсе бекен? Байлыкка жеткенде эле бактылуу болуп калам деп ойлоп жатасыңарбы? Ашыкча байлыктын оору экенин эмдигиче билбей жүргөн турбайсыңарбы силер. Үч гектар жерин эптеп бакса да, экөөңдү өлтүрбөй ушул эрезеге жеткирди го ата-энеңер. Эми аларга минтип доомат кылганга жарап калдыңарбы, жаман атаңын оозун урайындар! Ата-энең бирөөнү алдабай, бирөөнүн акысына кирбей адал оокат менен багып чоңойтту экөөңдү. Андай эле намыскөй экенсиңер, бирөөнүн байлыгын санап, бекерге башыңарды оорутпай жардам бербейсиңерби атаңарга! Ким кой деп атат сени! Байы! Намыстанып оку, билим ал. Элге-журтка пайдасы тийген жакшы, пайдалуу адам бол. Байлык деген эле чөнтөгүңдө толо акча болуп, заңгыраган үйлөрдү салуу эмес. Байлык деген – болгон нерсеңе шүгүрлүк кылуу. Бар нерсесине шүгүр кылганды билген адам бул дүйнөдөгү эң бактылуу адам. Шүгүрлүктү билбеген адам ар дайым кедейдин кедейи болуп жүрүп бул дүйнөдөн өтөт. Мени түшүндүңөрбү, окшошкон гана эки таракчы. Эми жолуңарга түшкүлө! Бекерпоздой болбой үйүңөргө барып, пайдалуу иш кылгыла, – деп экөөнү жолго салды.

Ошону менен беттери маналтай кызарган эки жигит салбыраган бойдон үйүн көздөй жөнөп калышты.

# Акпы же карабы?



Ноочабай жол жүрүп келатып, айтылуу казак акыны Абайдын үйүнө түшөт. Ал-жай сурашып жайгашып отурушкан соң, ал:

– Абайжан, өзүңө асыл сөз, алгыр ой таап айткан киши болдубу? – деп сураптыр. Абай бир аз ойлонуп отуруп:

– Менин Абдрахман деген уулум бар. Аны тогуз жашында Семейдеги орус мектебине окууга бердим. Аны бүтүргөн соң, Петербургга жибердим. Кышкысын окуп, жайында эс алганы үйгө келчү. Сураштырып байкасам, окуусу жакшы көрүнөт. Баламдын билимин, акылын сынап билейин деп ойлодум да, бир күнү жай аңгемелешип отуруп:

– Калкам Абиш, ушул ааламдагы жаратылышта ак зат асылбы, же кара зат асылбы? – деп сурадым. Ал иргилтпестен:

– Ак зат асыл эмеспи, ата, – деп жооп узатты.

– Эмнеге? Кара зат асыл эмеспи? – дедим мен. Абиш жүзүмө үңүлүп күлүп:

– Караны кантип асыл деп айтканга болсун, ата? – деди. Мен:

– Биринчиден, адам баласы бардык дүйнөдөгү жаратылышты көзү менен көрөт. Бирок көрүш үчүн көздүн агы эмес, ортосундагы карасы – кареги керек. Каранын асылдыгына ошол далил. Экинчиден, кагаз ак болот. Актай кагаздан адам билим албайт. Ал эми анын үстүнө жазылган кара сыядан өнөр-билим алууга болот. Үчүнчүдөн, жаш чакта адамдын сакал-мурутu, чачы кара болот. Ушуга байланыштуу жаш чакта адамдын акылы, кайраты, билими да көп. Картайганда сакал-мурут, чач агарат. Адамдын акылы, билими, кайраты да азаят. Ошондон улам мен акка караганда караны асыл деп ойлойм, – дедим уулума. Анда Абиш:

– Мунун баарын кантип билдиңиз? – деди.

– Акыл менен билдим, – дедим мен.

– Андай болсо, акыл кара эмес, ак зат болот эмеспи. Экинчиден акыл – нур, жарык зат. Же акыл акка окшобойбу, ата? – деди.

– Мен баламдын таап айткан жүйөлүү сөзүнө ыраазы болуп, маңдайынан жыттадым.

# Чыныгы достук



Атасы уулуна досторунун чыныгы дос эмес экендигин канча эскертип жүрсө да, баласы атасы менен келишпей: «Сиз аларды билбейсиз. Алар менин чыныгы досум», – деп каршылык көрсөтүп жүрдү. Балага атадан өткөн сынчы жок дешет эмеспи. Бир күнү уулун чакырып алып: "Уулум, кел андай болсо досторуңду сынап көрөлү. Бир койду союп, жиликтеп туруп, канын агызган боюнча капка салып кел", – деди. Жаш бала баарын атасы айткандай кылды. "Эми уулум, ушул капты көтөрүп алып досторуңа бар да, "бирөөнү өлтүрүп алдым. Өлүктү жашырууга жардамдаш" деп айт. Досторуңдун сага адал экенин, же адал эместигин ошондо билесиң", – деп баласын жөнөтөт. Бала атасынын айтуусу боюнча эң жакын деген досунун үйүнө барып, терезесин чертет. Досу чыгып каптан сарыгып турган канды көрүп: "Бул эмне", – дейт. "Бул кишинин өлүгү. Жаңы эле өлтүрүп алдым. Жүрү сөөгүн көмгөнгө жардамдашып койчу", – деди. Бирок досу жардам бермек тургай жүз үйрүй качып: "Кой, эй, кайдагыны айтпай. Мындан ары мага келбечи. Мен сени тааныбайм, сен мени таанybaйсың", – деди. Ошону менен канча досуна барбасын баары тең так секирип качып, кутулганча шашып жатышты. Ошондо бала баарынан көңүлү сууп үйүнө келди: "Ата, алар чынында эле мага дос эмес экен. Эч бирөөнүн жардамдашкысы келген жок", – деди. Атасы: "Айттым го сага. Алар эч убакта сага жакшы теңтуш дос боло албайт. Эми баланча жерде турган, баландай деген кишиге менден дубай салам айтып бар да, досторуңа кайрылгандай ага да кайрылып көр", – деди. Бала айтылган жердеги атасынын досуна жолугуп, атасынын саламын айтып туруп: "Аяш ата, бирөөнү өлтүрүп койдум эле. Атам сизди сөөктү жашырганга жардамдашат деп айтты", – дейт. Алиги киши баланы дароо короосуна киргизип, чарбагынын ортосунан терең чуңкур казып капты көмөт да, үстүнө түрдүү гүлдөрдөн көчүрүп келип, жигин билгизбей жашырып коёт. Бала үйүнө келип, атасына досунун кылгандарын айтып берет. Бул жолу атасы: "Эми кайра ошол досума кайтып бар да, тегерегиндеги эл-журтка кечөө экөөң кылган иш тууралуу айгай салып, кылмышыңарды ачыкка чыгар", – деп баласын узатып жиберет. Бала атасы айткандай кайра барып элдин көзүнчө бүлүк чыгарып, аяш атасын жаман сөздөр менен тилдейт. Ошондо ал киши балага кайрылып: "Мен кайдагы бир баланын богоош сөздөрү үчүн кызгалдак жайнаган бакчамдын кебетесин кетирген адам эмесмин", – деп жооп кайтарыптыр.

# Жакынкы Чыгыш очогуна отун салгандар

Мурда «арачага алты таяк» дечү эле. Азыр геосаясатта анын тетириси болуп жаткан кез. Арачалагандар алты таяк сатышууда. Ал таяктары алтын болбосо да, алтын баасына кетип жаткансыйт




### Арачылык кылган эрлер

Дүйнө саясаты бирде эмоцияга алдырып, эсеп-чоту жок күрүгүү түшүп, чыр-чатакка батат. Бирде талкан жутуп алкандай тынчтыкка бөлөнүп, ар бир кадамын эсептегенге өтөт. Мындай жинди кумар оюн акчасы көптөр менен жеңине кымырылган көзүрү барларга жарашат. Ортодон кире калып, бир нерсе жула качам дегендер болсо абийиринен да, акчасынан да ажырайт.

Жакынкы Чыгыштын үстөлүнө негизги оюнчулар эми отура баштады. Алар Америка Кошмо Штаттары менен Орусия Федерациясы. Үстүбүздөгү жылдын 22-февралында Барак Обама менен Владимир Путин Сириядагы жарандык кагылышууну жөнгө салуу аракеттеринин жыйынтыгын чыгарышты. «Россия-24» телеканалына түз эфирге чыккан Путин Сириянын борбору Дамаск убактысы боюнча саат 24:00дө тынчтык макулдашуусу күчкө кирерин жар салды. Аны камсыздаш үчүн бул чечимге макул болгон сириялык бийлик менен оппозиция 26-февралда түшкө чейин ээлеп турган аймактарды айтып берүүлөрү керек. Ошого жараша ал аймактар картада аныкталып, орус менен американын учактары аларга сокку урбайт. Тараптар ортосунда түз байланыштар түзүлүп, керек болгон учурда биргелешкен топтор түзүлмөкчү. Орусия өзүнүн көзүн караган сириялык президент Башар Асадды колдогон тараптарга, АКШ өзүнө муктаж болгон оппозицияга жооп бермекчи болду. Ушундан кийин орус президентинин айтымында, Бириккен Улуттар Уюмунун жетекчилигинде саясий тескөө процесси алгачкы кадамдарын таштай баштайт. Аны менен бирге 2011-жылдан бери жарандык согушта кыйраган өлкөгө гуманитардык жардамдар кире баштамакчы.

АКШ менен Орусиянын демилгесин таразалап көргөн, башынан Башар Асадга каршы турган Сириянын эркин армиясынын башчыларынын бири «Reuters» маалымат агенттигине: «Орусия менен Башардын режими террордук «Жабхат ан Нусранын» согушкерлери бар деген шылтоо менен бизге таандык аймактарга чабуул жасай беришет. Эгер алар мындай кадамга барса, тынчтык келишими бузулат», - деп билдирген. Сириянын президенти Башар Асад болсо алды-артын карабай туруп эле 13-апрелге парламенттик шайлоо дайындай койду.

### Тынчтык кимге керек?

Жогорудагы акыбалга көз чаптырсак, тынчтык Орусия менен Америкага керек сыяктуу. Башар Асад менен ага каршы чыккан оппозициячылдар болсо мамлекетин да, элин да жок кылчу от менен ойноону уланта берчүдөй.

«Bloomberg» агенттиги билдиргендей быйыл 16-февралда АКШнын президенти Барак Обама эгер Орусия Сирияда азыркыдай башаламан бомбалоосун уланта берсе, тынчтык орнобоосун айткан. Тетирисинче, Асадга каршы чыккандардын кыжырын кайнатып, согуш отунун ого бетер тутануусуна түрткү болот. Обаманын оюу боюнча Путин Сирияны сормо сазга кептегени аз келгенсип, ансыз деле алсыраган орусиялык экономиканы оор абалга калтырды.

Чын эле, орус серепчилери баамдагандай болгон жок. Алардын божомолдору боюнча Орусия Жакынкы Чыгышта алоолонуп жаткан отко май төксө, мунайдын баасы бир заматта жогоруламак. Анын аркасы менен Путиндин администрациясы Украинадагы кагылышууга да, өлкөсүнүн ички көйгөйлөрүн чечүүгө да каражат тапмак. Бирок, мунайдын баасы Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүн үркүтүп коюудан көтөрүлүп кетпеси көп узабай эле билинди. Көрсө, мунайдын түшүүсүнө Кытай баш болгон бир топ мамлекеттердин экономикалык өсүүсүнүн басаңдоосу, АКШ жаңы технологияларды колдонуп көңдөшкөн таштардан (сланцевая нефть) арзан мунай өндүрүүсү жана дүйнө өндүрүшү мунай менен газдан баш тартып, кубатты башка нерселерден (күн, суутек, шамал сыяктуу) алууну көбөйтүүсү себеп болуптур. Ошентип орус серепчилердин арам үмүттөрү таш каап, Орусиянын экономикасы чын эле оор абалга кептелип турган кез. Натыйжада Жакынкы Чыгыштагы согуштун токтоосу оруstarга эп болуп тургансыйт.

АКШга да Сириядагы согуштун пайдасынан зыяны көбүрөөк болууда. Владимир Путиндин Сирияга кирип барып, кыска мөөнөттө бир топ ийгиликке жетүүсү Барак Обаманын ордуна чукталып жаткан Хиллари Клинтонду колдогондорду азайтууда. Анткени Обамадай эле АКШнын Демократиялык партиясынан аттанган Клинтон Путин жерге-сууга тийгизбей мактап-жактаган Республикалык партиянын өкүлү Дональд Трампка уттуруп койчудай болуп турат. Афганистан, Ирак жана Сириядагы жарандык согуштарга аралашып кеткен өкмөтүнүн эч майнап чыгара албаганына наразы болгон америкалыктардын Владимир Путинди көбүрөөк жактыра баштаганын Дональд Трамп АКШдагы шайлоо атаандашуусуна пайдаланды. Мунун баары АКШнын азыркы администрациясынын Путин менен келишимге келүүсүнө түрткү болууда.

### Курал саткандар кантээр экен?

АКШ менен Орусиянын саясий эрки тынчтыкты көздөп калгандай. Бирок тынчтыктын орноосуна курал саткан лоббилер кандай карайт болду экен деген суроо туулат. Сириядагы согуш заманбап куралды сынаган, жарнамалаган жана сатууга сунган аймакка айланды. Эки атаандаштын ортосунда бир гана айырма бар. АКШнын курал саткан фирмалары жеке менчик болсо, орустун куралдары мамлекетке таандык. Башкача айтканда, Путиндин администрациясы менен тыгыз иштеген топторго таандык.

| АКШдагы курал сатуу боюнча алдыңкы 5 фирма: | | |
|---|---|---|
| Аталышы | Фирманын жалпы баасы | |
| | 2011-жылы | 2016-жылы |
| Lockheed Martin | 28,62$ млрд. | 67,07$ млрд. |
| Northrop Grumman | 20,13$ млрд. | 34,88$ млрд. |
| Raytheon | 18,76$ млрд. | 37,88$ млрд. |
| Boeing | 53,78$ млрд. | 94,04$ млрд. |
| General Dynamics | 29,11$ млрд. | 43,20$ млрд. |

АКШ, Орусия менен Кытай курал-жарак сатуу боюнча дүйнөдө алдына ат салдырбай келе жаткан убагы. Стокгольмдун тынчтык көйгөйлөрүн изилдөө институтунун (SIPRI) акыркы беш жылдагы изилдөөлөрү боюнча АКШ 33% курал сатуусу менен 1-орунду ээлейт. Орусия дүйнөдөгү куралдын 25%ын сатат. Кытай 5,9%ын белендейт.

Жакынкы Чыгыш өлкөлөрү курал сатып алууну беш жылда 61%га арттырышкан. Алардын ичинен Сауд Аравия Королдугу беш жылда 275%, Бириккен Араб Эмираттары 35%, Катар 279%, Египет 37% куралжаракты көп сатып ала баштаган.

### Курал ээсин табат

Афганистан, Ирак, Сирия жана башка мамлекеттерде диндештер бири-биринин канын төгүп, үй-бүлөсү, бала-чакасы тентип, же ачкалыктан өлүп жаткан убак. Буга ким күнөөлүү дей келгенде сырттагы эле биреөнө догубузду арта койгонго машпыз. Дегеле күнөөсүз эч ким калбайт. Бирок цифралар көрсөтүп тургандай, мусулман элдери мындан да кандуу согуштарга даярданууда. Ким менен дейсизби? Албетте бири-бирибиз менен. Башка кимге алыбыз жетмек эле?

Курал саткан ишкердин эмне күнөөсү бар? Ал ишин сүйөт. Аны эң жакшы сапатта, атаандаштарынан артык кылып жасагысы келет. Көрсөткүсү, сынагысы, баалаткысы жана саткысы келет. Алар согуш ачпайт, бирок согуш болуусун каалашат. Анткени соодасы жүрүшөт. Элдешкис эки элди, маселени күч менен чечкиси келген жарандарды издейт. А азыркы тапта эң наадан, ачуулуу, сабырсыз жана канкорлор булар учурдун мусулмандары. Мусулмандар 1,5 миллиард. Демек дагы да соода болот.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# Кыз куумай

*Оюндун бири кыз куумай,*
*Күлүктөр көктө сызчудай.*
*Тизгинди чоюп жөнөсө,*
*Жигити-шумкар, кыз куудай!*
*Оюн деп чиркин ушуну айт,*
*Көргөндө кимдер кызыкпайт?*
*Жигити жетип кызды өпсө,*
*Көзүңө сүйкүм учурайт,* - демекчи бүгүн эң кызыктуу улуттук оюндарыбыздын бири - "Кыз куумай" оюну тууралуу кеп кылмакчыбыз.



## Жигиттер үчүн чыныгы сыноо

Кыз куумай эл арасына кеңири таралган, боз уландар менен кыз-келиндер ойноочу улуттук оюн. Бул оюн көбүнчө той-аштарда, улуттук маракелерде жана ар кандай тарыхый даталарга байланыштуу майрам күндөрдө өткөрүлөт. Илгери кыз куумайды көбүнчө кызга күйөөлөп барганда ойноп, калың элге тамаша курушкан. Оюнга чыгарда кыз өзү тандаган атын минип, андан арткаyы гана жигитке тийген. Оюн эрежеси боюнча кыз тандаган атын минип жигиттен мурда чаап жөнөйт. Андан кийин гана жигит аттанып артынан кубалайт. Эгер жигит селкиге жетсе, ат үстүнөн артылып келип бетинен өбөт. Эгер болжолдонгон мерчемге чейин жигит жетпей калса, кыз атынын башын буруп, кайра жигитти кубалап, жеткен жерде камчысы менен жонго урат. Бул оюндун негизги талабы кыздын жигитке жеткирбей качуусу, жигиттин кызга жетүүгө далалат кылуусу болуп саналат. Ошондуктан кыз куумай оюну тойдун көркүн ачкан улуттук оюндардын бири десек болот.

## Кыз куумайдын тарыхынан

Кыз куумай элибиздин эң байыркы кызыктуу оюндарынан. Окумуштуу этнографтардын айтуусу боюнча "Кыз куумай" оюну байыркы замандагы кыз ала качуу салтынан улам келип чыккан. Анын тарыхый мааниси никелешүүгө барып такалат. Салтка ылайык эгер жигит оюнга түшкөн кызга жетсе, ага үйлөнүшү керек болгон. Азыркы учурда болсо бул оюн тойлордо, майрамдарда жөн гана элдин бүйүрүн кызытуу максатында ойнолуп келет. Тээ баштапкы мааниси убакыттын өтүшү менен жоголду.

## Кыз куумай Манас эпосунда

Кыз куумай байыркы оюндардын бири экенин "Манас" эпосунда учурашы тастыктайт. Сейтек ата конушу Таласка көчүп келе жаткан жолдо эригип, көңүл ачуу үчүн кыраан эрлер баш болуп кыз куумай оюнун ойногондугу мындайча баяндалат:

*Боз бала, жигит аралаш,*
*Кыз-келин менен жарышып.*
*Кызык өөн бойлошуп,*
*Кызыгышып кыраандар*
*Кыз куушмай ойношуп.*
*Талыкпай көчүп, бээ байлап,*
*Таласты көздөй бет алып,*
*Эл чуркурап, чуу болуп,*
*Эр кубанып, дуу болуп,*
*Киндик кесип, кир жууган*
*Жерине көчүп келатат.*

## Оюндан от чыккан учур

Кыз куумай оюнунан кээде чоң чатак чыгып, сөөк өтүшкөн кудалар ажырап кеткен учурлары болгон. Бирок андай учурлар эл арасында өтө эле сейрек учурайт.

Жогоруда айтылып кеткендей, оюндан чыккан чатак жөнүндө Ысык-Көл өрөөнүнүн Кароол-Дөбө кыштагынын жашоочусу элдин эски сөздөрүн көп билген мугалим Акматаалы Шадыканов агай мындай кеп салган экен: "Илгери колуктусуна күйөөлөп жүргөн жигиттин кайын жеңеси: "Күйөө бала, мен сени тандым. Сен келерки жумада келип, бир бээ, же тай, же ирик союп, бозой-селкилерге кыз оюнун куруп бер. Эртеси эл алдында сага колуктуңду куудурабыз. Кызга атың жетсе, анда мөөрөй сеники, жетпей калсаң сен жыгылыштуусуң. Кайын жеңеңе тукабадан бешмант, кош этек жибек көйнөк, атыр-самын алып келесиң" деп салык салат.

Айтылган күнү күйөө жолдошторолору менен келип, кыз оюнун курат. Түн бою сармерден ырдалып, оюн-тамаша болот. Эртеси кыз куумай тамашасы башталып, кыз бир күлүк жоргону тандап минет. Жигиттин колуна жорток ат тийип калат. Ошого карабай күйөө бала кызды дароо эле кууп жетет. Бул окуяга кыздын төркүндөрү эмнегедир туталанып, намыс кылышат. Акыры оюндан от чыгат болуп, тамашанын аягы чырга айланып, эки куданын кудалыгы ажырап кетет да, жигит кызга үйлөнбөй калат.

Ошондо арманда калган жигит минтип ырдаптыр:
*Удургуп жорго жөнөдү,*
*Бууданым жетти чап этип.*
*Бейпайы күчтүү сулуунун*
*Бетинен өптүм чоп этип.*
Ал эми өкүттө калган кыз:
*Жоргону тандап мингенче,*
*Жортокту минбей не болдум!*
*Жоболоңдуу жигитке*
*Жолобой койбой не болдум!"* - деп арман кылган экен.

## ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

Кыз куумай оюнунун башка оюндардан айырмалап турган башкы өзгөчөлүгү - кызга көп жеңилдиктердин берилиши. Көчмөн маданиятта бир кишиге ат берилип жатканда ал сөзсүз өзүнүн жөндөмүн көрсөтүшү керек болгон. Мындай көрүнүш кыз куумайга да мүнөздүү. Кызга күлүк ат берилиши – кыздын даражасы жогору экендигинин далили. Ал эми алдыга коё берилиши – кызга болгон урматсыйы", - деп билдирет филология илимдеринин кандидаты, ага окутуучу Уланбек Алимов.

Белгилеп кетчү нерсе, кыз куумай башка оюндардан өзгөчө бүйүр кызыткандыгы менен айырмаланат. Тактап айтканда, кыз куумай эч убакта кызыксыз болбойт. Жигит менен кыздын жарышына эки тараптын тең өкүлдөрү күбө болуп, сүрөөнгө алып турушат. Оюн бардык учурда жалпы элге укмуштуудай эстетикалык рахат тартуулайт. Анан дагы, жарышка чыга турган аргымактарды тандоого өзгөчө көңүл бурулуп келген. Эгер жигит мине турган атын өз уруусунан гана таба алса, кыз тарап кааласа, күлүк ат сурап, жигит тарапка кайрыла алган.

## Кыз куумайга даярдык, же оюндун шарттары жана эрежелери

"Кыз кумай" көк шибердүү талаада, же болбосо ат майданынын түз жолунда өткөрүлөт. Катышуучулар кыргыздын улуттук кийимин кийүүгө тийиш. Каалаган ээр-токум жарай берет, бирок улуттук ээр-токум болсо максатка ылайык келет. Оюнга 2ден 20га чейин оюнчу катыша алат. Кыз куумайга көбүнчө 15-17 же андан жогорку жаштагы үй-бүлө кура элек курбалдаш кыз-жигит түшө алган. Бирок кээде оюнга жаңы үйлөнүшкөндөр да катышып, күйөөсү келинчегин кууп, элге тамаша салып беришкен. Мындай учурлар көбүнчө кыз төркүлөп барган учурда, берилип жаткан тойлордун үстүндө болот. Оюнга минилчү аттар алдын ала суутулуп, үртүктөлөт. Кыздын минген аты жигиттин минген атына караганда күлүгүрөөк болот. Тагыраак айтканда, атты кыз өзү тандайт.

Оюнга калыс дайындалат. Оюн башталарда кыз менен жигитти калыстар стартка чакырышат. Кыз стартта 25-30 метрдей алдыда болот. Атайын белги боюнча кыз биринчи чаап жөнөйт, ал эми жигит болсо ага жетүүгө аракеттенет. 150-200 метрлик аралыктын ичинде жигит кызды кууп жетсе, анда ал кыздын бетинен аяр сүйүп алууга акылуу. Бул жеңгендиктин белгиси. Эгер жигит жетпей калса, экөө бурулуп кайра чабат. Ошондо алардын орундары алмашылат. Кыз жигитти кубалайт да, жетип алса жигитти камчылайт. Кызды кууп жете албаган жигит мелдешке андан ары катышуу укугунан ажырап, кезек командадагы кийинки жигитке берилет. Жигит жеңген учурда 1 упай алат, кыз болсо-0 упай алат. Кыз уткан учурда-кызга 2 упай жазылып, жигитке 0 упай берилет. Оюнда жеңгендерге белгиленген байге ыйгарылат. Катышуучуларга жолду кесип өтүүгө, өзүнүн атын экинчи катышуучунун атына карай багыттоого, омуроолотууга, бирөөнүн атын токтотууга, ага тоскоол болууга, же камчы менен чабууга тыюу салынат.

## Оюндун мааниси

Кыз куумай оюнунун педагогикалык маанисине келсек, бул оюн жаштарды шамдагайлыкка тарбиялап, тең салмакты сактоого, чечкиндүүлүккө чакырып, ат чабуунун ыкмаларын үйрөтөт. Оюнду кыргыз коомундагы аял-эркек теңдигинин бир далили катары да карашат. Кыз куумай оюну ат оюндарынын курамына киргендиктен тоскоолдуктарды жеңүүнү үйрөтөт.

## Кыз куумай учурда

Көчмөнчүлүк мезгилде алгач салт катары пайда болгон бул оюн учурда да актуалдуулугун жоготпой келет. Азыркы учурда да элибизде оюн-күлкү, тамаша көп. "Аш көп болсо, каада көп" демекчи, "Кыз куумай" тамашасы эл арасында көп ойнолот. Бирок Кыргызстанда кыз куумай боюнча атайын федерация жок. Ал боюнча мелдештер 4 жылда бир болуучу улуттук оюндардын спартакиадасында гана өткөрүлөт. Кыз куумайга көп түшүп жүргөн Жаныбек Дүйшебаев мырза: "Кыз куумай оюну коңшу Казакстанда, Өзбекстанда өткөн тойлордо да ойнолуп келет. Азыр илгеркидей кыз куумайга көп көңүл бурулбай калды. Колдоого алып өнүктүрсөк, олимпиада оюндарынын катарына кошулса жакшы болмок" деген пикирин айтып өттү.

РАХАТ АКМАТОВА

# Карышкырдын тиши ширк эмеспи?



Атактуу аалым Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды **SMS** же **Whatsapp** аркылуу **0773-61-54-87** номуруна жибериңиздер!

***Эскертүү: аталган номур Чубак ажыныкы эмес***

**1) Суурдун эти адалбы? Дарылыкка колдонсо болобу?**

**Жооп:** Шариатта азуусу бар жандыктар, чеңгээли бар канаттуулар, б.а. жырткыч айбандардын жана канаттуулардын бардыгы арам болуп эсептелет. Имам Муслим риваят кылган хадисте Ибн Аббас Пайгамбарыбыз алайхис салам жырткыч айбандардын азуулуусун, жырткыч куштардын чеңгээлдүүсүн жегенге тыюу салганын белгилеген. Мисалы, мышыкты жегенге болбойт. Бирок ошондой эле көлөмдөгү коёнду жесе болот. Суурдун көлөмү да ушул коён менен мышыктын көлөмүндөй эле. Маселе суурдун эмне менен тамактанарын аныктоодо турат.

**2) Жашым 41де. Жубайым менен ажырашкам. Келиндер менен таанышсам баары жүзүн буруп кетет. Эмнеге? Жолум да такыр болбой жүрөт. Эмне кылсам болот?**

*Ош, Закир.*

**Жооп:** Эмнеге экендигин сиз менден эмес, мен сизден сурасам дурус болгону турат. Эгерде такыбалыкты туу тутунуп, динибиздин тартиби менен так жашоого өтсөңүз бардыгы жайына түшкөнү турат. Адам уулунун бактылуулугу динде, дин менен жашоодо. Ансыз бакытты издеп жүрө бересиз, көксөгөн натыйжага жетпейсиз.

**3) Шарият боюнча кыздар канча жашынан турмушка чыкса болот?**

**Жооп:** Балагатка жетип, акыл-эси толуп, үй-бүлөлүк жүктү көтөрө ала турган болгондо чыкса болот.

**4) Кайсыл учурда намазды кыскартып окуйбуз? Жолдун узундугу канча болуш керек?**

*Баш Күмбөз айылы, Төлөнбай.*

**Жооп:** Жашаган жериңен көздөгөн жериңе чейинки аралык 90 (токсон) чакырымдан ашык болгон учурда жашаган жериңен чыгып, ошол жерге жеткенге чейин төрт рекеттүү парз намаздарды (бешим, дигер, куптан) эки рекеттен кыскартып окуйсуң. Ал эми үч (шам, витир) жана эки рекеттүү намаздарды (багымдаттын парзы) толук окуйсуң. Ошондой эле сүннөт намаздардын баары толук окулуп кете берет. Сапарда сүннөт намаздар ташталбайт.

Бара турган жерге жеткенден кийинки маселе төмөндөгүдөй: Эгер ошол жерде он беш күндөн аз турганга ниет кылсаң, же качан кайтарыңды билбей эртең-бүрсүгүнү кайтам деп турсаң, анда намаздарыңды касыр кылып окуй бересиң.

А эгер, он беш күндөн көпкө туруууга ниет кылсаң, анда кадимкидей эле толук окуйсуң.

**5) Каза болгон чоң апамдын атынан намаз окусам болобу?**

**Жооп:** Намазды ар ким өз атынан окуйт. Бош убактыңда нафил намазды өз атыңдан окуп, пайда болгон сооптордү маркум чоң энеңе багыштасаң болот.

**6) Эркек талак берсе, бирок аялы укпаса, талак түшөбү?**

*Москва.*

**Жооп:** Эркек тараптан берилген талакты аялдын угуусу шарт эмес, кубөлөрдүн да угуусу шарт эмес. Демек, аялы укпаса да талак түшө берет. Түшкөн талактын кабарын аялга билдирип коюуга милдеттүү.

**7) "Ушак" кайсыл учурда "ушак" болуп эсептелет. Мени адамдар капа кылса, аны жолдошума, апама айтып бүгүмдү чыгарсам болобу?**

**Жооп:** Бир адамдын сөзүн экинчи адамга, алардын ортосундагы мамилени бузуу үчүн жеткириле турган болсо, ушак деп айтылат.

Адамдар капа кылган учурда аларга кандай жооп берүү керек, же аларды тартипке кандай чакыруу керек, же болбосо кантип ушул кайгыдан чыгуу керек деген суроого жооп ала турган болсоңуз, ал учурда болгонун болгондой айтууга жол берилет.

**8) Досубуз жин оорусу менен ооруйт. Молдого окутсак дагы жылыш жок. Кайра окута бергиле деп жатат. Ар окутканга 2000 сом сурайт. Ага каражатыбыз жетпейт. Эмне кылсак болот?**

*Москва.*

**Жооп:** Кээ бирлерге берилген сыноонун мааниси ушунда, аны ушул дарт менен сынайт. Кээде молдолор туура дем салгандын жолун билбөөсү да мүмкүн. Молдокелер жин окуй алат деп күбөлүк берген адамга окутсаңар балким, Кудай Таалам шыпаасын берээр.

**9) Сүйлөшкөн кызым менен жолукканда, анын жүзүнөн сүйүп коём. Бул зына болбойбу? Эгер зына болсо, анда үйлөнгүчө нике кыйдырып койсок болобу. Бирок бирге жашабайбыз.**

**Жооп:** Ооба, ушул оозду зынаасы болот. Никени үйлөнгөндө гана кыят. Атайы жүзүнөн сүйүп туруу үчүн нике кыйылбайт. Нике кыйылгандан кийин бирге жашоо керек болот. Ошондо никенин жоопкерчилиги болот. Кыздын атасы, ал киши жок болсо агасы никеге туруууга уруксат бергенден кийин гана кыйылган нике толук нике болот.

**10) Атам сиңдимди беш жыл жогорку окуу жайда окутту. Азыр сиңдиме ошол окутууга кеткен акчаларын төлөп бер деп жатат. Жылына 100 000ден төлөсүн деди. Бул кылганы туурабы?**

**Жооп:** Эгер ата менен кыздын ортосунда ушундай тараздеги келишим болгон болсо, анда кыз атасына төлөп берүүгө милдеттүү болот. Андай келишим жок болгон учурда, төлөп берүүгө милдеттүү болбойт. Атасы окуткан үчүн соопко ээ болот. Эртең атаңар картайып, алдан тайыганда, балким ошол кызы аны карап, ак кепинден узатар... Бир нерсе деп болбойт. Бул дүнүйө салынуу кашык...

**11) Жумуртка сатып алып, үстүнө акча кошуп сатса болобу? Мисалы, канча кошуу керек?**

**Жооп:** Болот. Канча кошсоң да аны алдабай сат. Кытайдыкын кытай деп, мөөнөтү өтүп кеткен казак менен орустукун ошолордуку деп, кыргыз фабрикалардыкын да атынан айтып сат. Бардыгын колдо баккан, чуркап жүрүп курсагын тойгузган «короонун тоогунуку» деп алдасаң күнөөкөр болосуң.

**12) Оронгон кыз турмушка чыккандан кийин кайнатасынын алдында жоолугун артка байлап жүргөнгө мүмкүнбү?**

**Жооп:** Мүмкүн. Анткени кайната келинге түбөлүк махрам болуп эсептелет. Кайнатанын алдында эгер салт жол берсе, жылаңбаш да жүрсө боло берет. Ал эми күйөөсү өлүп калса, же ажырашып кетсе деле кайната махрам бойдон кала берет.

**13) Кредит алган адамдын үйүнөн чай ичсе болобу?**

**Жооп:** Ичпегенге аракет кылуу керек. Сөзсүз ичүү керек болуп калса, алардын адал жол менен табылган акчасы болсо, ошол тамактан ичип жатам деген күмөндө болуңуз. Антип күмөндөнүүгө жол таба албасаңыз, анда жеген тамактын өлчөмүнчө тыйынды аларга белек деп таштап кетиңиз. Ошондо "сатып алып жегендей" болосуз. Эгер негизи адал тамак болсо, сатып алып жеген тамакты арам деп айтуу кыйыныраак.

**14) Маркумду мүрзөгө койгондон кийин сөзсүз "Мүлк" сүрөөсүн окуш керекпи же башка сүрөөлөрдү окуса болобу?**

**Жооп:** Шарт эмес. Кайсы сүрөөнү окуса да жарай берет. Бирок "Мүлк" сүрөөсүн окуган жакшыраак. Анткени Абу Дауд, Насааий, Термизий жана Ибну Маажа риваяттаган хадисте азирети Абу Хурайра Пайгамбарыбыз алайхис саламдын мындай дегенин айтат: "Куранда 30 аят (тан турган бир сүрөө) бар. Ал өз ээсинин күнөөсү кечирилгенге чейин колдоо көрсөтүп, шапаат көрсөтөт. Ал "Табаарakаллазии бийдихил мулк" (деп башталган "Мүлк" сүрөөсү).

Чындыгында, ар ким тирүүсүндө ушул сүрөөнү окуп жүрсө, эң жакшы фазилетке жеткен болор эле.

**15) Тузакка коён түшүп өлүп калса, адалбы?**

**Жооп:** Өлүп калса арам болот. Тирүү кармап союп жесе гана адал болот.

**16) Сиңдимдин кызын 1 жаштан 5 жашка чейин биз чоңойттук. Бизди ата-апа дейт. 5ке чыкканда сиңдим алып кетти. Азыр бизге кетем деп ыйлап жатыптыр. Сиңдим бизге кыз кылып бергенге макул. Өзүбүзгө кыз кылып алсак болобу?**

**Жооп:** Болот. Кызды курулай кыйнай берүүнүн кереги жок. Бирок, кимдин кызы экенин бир аз акылы толгондо айтып коюш керек. Бакканыңар үчүн сооп аласыңар. Балким чоңойгондо өзү деле аларга бараар.

**17) Кыргыз эли сизди "президенттикке кандидатурасын койсун. Биз ана колдойбуз, ал башчы болууга татыктуу адам" десе макул болот белеңиз? Эгер болуп калсаңыз кандай мыйзамдарды жазмаксыз?**

*Азима.*

**Жооп:** Макул болбойт элем. Макул болбосом деле болуп калса, анда ушул эле бар мыйзамдарды толук иштетип, сырткы саясатты туура нукка салып, адилеттүүлүктү орнотконго бардык аракетимди көрмөкмүн. Адилеттүү шайлоо, аракеттүү жетекчилерди тандап, коррупцияга жол бергендерди өлүм жазасына чейин жазалоону киргизет элем. Ошондой эле бизнестерин Кыргызстанда ишке салбаган бизнесмен-ишкерлерди эки жолдун бирин тандоого ыктыяр бермекмин. Ата-Мекендик өндүрүшчүлөрдүн укугун жогору коюп, агрардык өлкөдөн агрардык-индустриялык өлкө болууга аракеттеримди көрөр элем.

Кыргызстан чакан өлкө болгондуктан бул иштерди ишке ашыруу кыйынчылык деле туудурбайт. Болгону саясий эрк жана жетекчи ар бир нерсени өзүнөн баштоосу керек болот.

**18) Университетке тапшырам деген документтеримди бир адам алып, 4 айдан бери бербей жүрөт. Уруп коркутуп алсам болобу?**

**Жооп:** Уруунун кереги жок. Укуктук мамлекетте жашагандан кийин сот аркылуу алганга аракет кылыңыз.

**19) Жер жемиштен жасалган кальян чексе болобу?**

**Жооп:** Мас кыла тургандары арам, мас кылбай тургандары макрух. Анын жакшысы жок. Араб эмираттарына баргандар араптар чеккенин көрүп эле чеге беришет. Дин арабтарды ээрчип кармалбайт. Дин шариат аркылуу кармалат.

**20) Аял киши байпагы жок намаз окуса болобу?**

**Жооп:** Болот. Чоочун эркек жок жерде аял киши жылаңайлак намаз окуса боло берет. Чоочундар бар жерде байпакчан окугандыгы макул. Анткени Абу Ханийфадан келген риваятта аялзатынын буту да авретке кирет. Намаздын өзүндө авретке кирбейт деп айтылат.

**21) Жубайым болбогон нерсе үчүн кетип калды. Апам менен да урушуптур. Бир балабыз бар. Эмне кылсам болот?**

**Жооп:** Адашкандын айбы жок, кайтып үйрүн тапкан соң. Алып кел. Аялдарга таарынуунун эч кереги жок. Апаң деле аял киши, ал деле бир убакта кайын энеси менен айтышкандыр. Кайын эненин камырынан деген кеп ушул болот.

**22) Орозо битирди кандай адам бериш керек жана кимге бериш керек? Кээ бир чогулткан адамдар өздөрү жеп койгон учурлар болду. Бул кандай болот?**

Жооп: Бир күндүк азыгы бар адамдар орозо битирин берсин деп көпчүлүк жумхуур аалымдар айтышат. Ханафий аалымдары нисапты чек кылышкан. Битир зекет бериле тургандардын баарына бериле берет. Чогулткан адам жарды болсо жегени макул. Бирок, аны чогултууга жогору жактан буйрук болуп, ошонун негизинде чогултса жакшы болот.

**23) Үйдөгү себептерден улам жеңем төркүнүнө кетип калган. Азыр турмушка чыгыптыр. Агам талагын берген эмес. Барып талагын берүү керекпи?**

**Жооп:** Дароо бир талагын берсин. Болбосо агаң аялынын зынасына шерик болуп жүрө берет.

**24) Атамдын бутун себептерден улам кестиргенбиз. Ошондо бутун көмүп коюш керекпи, же сактап коёлубу?**

**Жооп:** Жерге көмүү керек. Аны сактап олтуруу кажет эмес. Ит чукуп жеп кетпегендей кылып, тереңирээк казып, ак кездемеге аруулап көмүп коёсуңар. Ага жаназа окулбайт.

Бетти даярдаган
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Батеке уя берилет

Башкуяда кумурскалар уя таппай тыгылып, кыйналып жүргөн убак. Ушундай маалда баягы чакан бойлуу кумурска Темр Сар капилеттен чыңырып чыкты.

- Батеке уя беребиз. Туугандар, жакшы иштегендерге, тил алгандарга жана үмүт үзбөй жашагандарга батеке уя беребиз.

Канчадан бери уяга жетпей ар кимдин короосуна баш калкалап, бит жатпаган жерге жатып жүргөн кумурскалар муну угуп төбөсү чөпкө жете кубанып калышты.

- Уя беребиз дейсиңби?! Ыя оозу-мурдуңан айланып кетейин, уя беребиз дейсиңби? Сүйүнчүңө рахмат, сүйүнчүңө! – деп чурулдап-чуркурап алкап жатышты.

Көптөн бери элден мынчалык алкыш укпай чыйрыгып жүргөн Темр да маңдайы жарыла сүйүнүп, төптөрт чарчы болуп мадырайды.

- Ооба, туугандар. Уя беребиз. Жакында батеке уя берилет. Эми баарыңар уялуу болосуңар. Бирөөң да талаада калбайсың...

- Болсун, болсун! Батеке бересиңби, кепичке бересиңби иши кылса уя берсең болду.

- Ошону айтсаң, батек тургай андан жаманына деле жашап атпайбызбы. Мейли, батек болсо деле алабыз, - деп кубаттап жатышты тургандар.

Бирок, кызыктын баары кийинчерээк башталды. Көрсө, булар ойлогон баага батек тургай байпак да келгидей эмес.

- Кандайча келбейт? Темр Сар өзү айтпадыбы? Баланча таңгак капустаң болсо батеке уя беребиз дебеди беле? – деп түшүнбөй турду эл. Анда жанагы уя берчүлөр мисирейип мистеңдеп туруп өздөрүнүн чөнтөгүнөн берип жаткансып мурдун чүйрүп чүштөңдөй сүйлөдү.

- Байкеси, батек эмес, патиек! Туура сүйлөсөңүз! Деги бирдеме билесизби?

- Эми карындаш, адашып калыппыз. Макул деги эле патьиек болсунчу. Кана капустаны санап ал дагы, бир уяңды көргөз. Балдарым эшикте турат.

- Балдарым турат дейсизби? Анда сизге такыр берилбейт.

- Омей! Эмнеге кокуй?!

- Эмнеге,эмнеге? Эмне сиздин балдарыңыз 50 жыл эч нерсе жебей жашай алабы?

- Койчу эй тамашаңды? 50 жыл тургай, 5 күн жашай албайт.

- Көрдүңүзбү? Сиз патиеке уя ала албайсыз.

- Омей! Ой, карындаш, кандай немесиң деги? Мен түшүнбөй турам. Менин балдарымдын эмне тиешеси бар бул жерде?

- Ой, жосподи! Бул уяны алыш үчүн сиз 50 жыл бою балдарыңызга эч нерсе бербей багышыңыз керек. Ушуга чыдай алабы балдарыңыз?



Тиги кумурска бир саам ойлоно калды да, эптеп уя алып калайын дедиби, же балдарын таштап баса берем дедиби, айтор, акырын шыбырай сурады.

- А балдарым жок болсочу, карындаш? Балдарым жок болсо ала аламбы?

- Балдарыңыз жок болсо 25 эле жыл ачка жүрөсүз.

- 25 жыл дейсиңби?! Оп тигидииик! Ушубу батеке дегениң?

- Байкеша, батекке эмес! Патиеке! Угуп алыңызчы, па-тиекээ!

- Ээ атаң... батиекең менен бамыран кал. Кой мен кетейин, эшикте кар да жаап келатат. Ушундан көрө сортимдин биткасы, менен орсимдин көңканасы жакшы.

Ошентип бул кумурска шаабайы сууп артына бурулаары менен анын артында турган дагы бир куркуйган арык кумурска шуудураган алаканын шуудурата ушалап, оозу кулагына жете жылмайып келип калды.

- Сизге эмне болду? Айта бериңиз! – деди кабыл алып аткан неме чурчуңдап.

- Мен неме... Тиги батеке уя берилет дегенинен келдим эле. Ушул жерден алабызбы? - деди берки азыр эле ала калчудай кубанып.

- Ой, жосподи, жосподи! Батеке эмес, патиеке! Патиеке!...

Ошентип жанагы эле маек кайра кайталанып, бул кумурска да сөгүнүп-сагынып артына кайтты. Андан кийин дагы бирөө кетти наараз болуп. Анан дагы бирөө. Анан дагы бирөө...

А Темр Сар болсо, улам бир жерге шудуңдап бара калып «Батеке уя берилет! Батеке! Биз баарыңа уя беребиз!» деп элге жар салып, элдин алкышын угуп, чучугун жеп жыргап жүрдү...

ЧЫНДЫК АЙТПАСОВ

**(Бардык окуялар жана каармандар ойдон чыгарылды)**

# Мастандын энесин издегени

***(Уландысы)***

Тыюу салынган сыйкыр

Эртеси мастан кемпир адатынча чүмкөнө кийинип алып бөкчөңдөй басып баягы бир таман жолго түшүп шаарды карай жөнөдү. Колуна токойдон терип алдыбы, же үйүнөн таап алдыбы, кыскасы кыпкызыл алмадан бирди кармап алган. Баса, жана үйүнөн чыгаарда аны кандайдыр бир суу менен жууп, сыйкырлап аткандай болду эле. Бул шүмшүк илгеркидей алмасын уулап алды бекен? Деги көрөлүчү азыр...

Тигине, утур-утур алды-артын каранып коюп, кадамын майда-майда таштап тыпылдап басып келетат. Куу мастан бат эле баягы баланын үйүнө да жете келди. Алгач, алыыраактан мойнун созуп, акмалай карады. Кудай жалгап баягы болпогой дал ошол күнкүдөй эшигинин алдында, дубалдын көлөкөсүндө китеп окуп отуруптур. «Окумуштуум менин» деп кудундап сүйүндү мастан. Кызык, мастан кемпир буга чейин балдарды көргөндө такыр мынчалык сүйүнчү эмес. Бирок, бүгүн минтип ажары чыга жаркылдап кубанып турганы кызык эле көрүнүш болду.

Анткени менен ал балага шар эле жетип бара алган жок. Балким ал муну ууру тутуп, сакчыларга кармап берсе кантет? (Кемпир бул жерде сакчылар деп милицияны айтып атат. Бечара, милиция дегенди билбесе кантсин?..) Айтмакчы, сакчылар эсине келгенде аз жерден кайра кайтып кете жаздады. Бир канча убакыт ыргылжың болуп турган соң, акыры барып анткорлонуп учурашып көрмөй болду. Чынында, мастан кемпирге ишеним берген тигил балакайдын баёолугу болчу. Ооба, буга чейин далай нерсе башынан өткөн кемпир, адамдардын кыял-жоругун көзүнөн эле биле коюну укмуш өздөштүргөн. Айрыкча, ак көңүл, ишенчээк жана боорукер адамдарды жазбай тааныыр эле. «Ак көңүлдөр шектенбейт, аңкоолорго сөз жетпейт» деген ырды бул бекеринен ырдап жүрчү эмес да.

Ошентип баланын тушуна келгенде баягыдай эле анткорлоно жөтөлүп, күйүккөн киши болуп кышылдап туруп калды. Кайран бала бул кемпирди унута элек экен. Үнүнөн эле тааныды. Дароо ордунан тура калып алдынан тосо чыкты.

– Жакшысызбы, чоң эне? – деди ал жадырай күлүп. Түрүндө эч кандай деле жаман көрүү байкалбайт. Ал тургай кудум сагынып калган немедей тосуп алганын карасаң.

– Жакшы, айланайын, жакшы. Өзүң жакшысыңбы, каралдым? – деди мастан ого бетер жойпуланып.

– Жакшымын чоң эне. Эмне белиңиз ооруп турабы? Балким бир аз тыныгып алаарсыз.

– Макул балам. Тыныкса тыныгайын. Үйдө ким бар? – деди кемпир адатынча саксынып.

– Эч ким жок. Атамдар жумушта. Бөбөгүм болсо бала бакчадан келе элек. Жароокер бала кемпирге шайдоот жооп бергенче колунан жетелеп келип өзү отурган орундукка отургузду. Андан кийин күнөөлүүдөй башын шылкыйтып:

– Өткөндө талпак алып келем деп үйгө кирсем мешке койгон сүтүм кайнап, төгүлүп атыптыр. Аны алып, мештин үстүн тазалап койом деп кармалып калдым. Жумуштарымды бүтүрө калып сыртка чыксам сиз да кетип калыптырсыз. "Таарынып кетти го" деп жаман болдум.

Кемпирге бул сөз жага бербей калды. «Ап бали! Ушундай экенинди билгем да, билгем» деп кымындады ичинен. Бирок, анысын сыртынан билгизбей өзүнчө каадалана сүйлөндү.

– Аа балам. Ойноок бала ойноп кетти го деп баса бербедимби. Мейли, эч нерсе эмес.

Ошентип экөө бир саам кобурашып отуруп калышты. Элпек бала кой-айга келбей дагы тызылдап чуркап кирип бир чөйчөк толо жарма көтөрүп чыкты. Дайыма эски, муздак атала ичкен кемпирге жарманын даамы аябай жакты. Тим эле ырахаттанып, тамшанып отуруп ичти.

– Э балам, – деди бир маалда. – Өткөндөгү китебиң эмне болду?

– Аа албы? – дагы шылкыя сүйлөдү бала. – Ошол күнү сиз кетип калгандан кийин, нары-бери карап жүрүп аны унутуп калыпмын. Бир маалда эстеп алып коёюн деп таппай калдым. Кыязы, кимдир бирөө уурдап кеткен окшойт.

– Кап! – деп анткорлоно шыпшыңды кемпир. Эми ичинен жымыңдап атканын баарыңар эле билип турсаңар керек. – Мейли эми китеп табылар. Баса, карачы мен сага белек алып келдим. Кечээ небереме деп сатып алдым эле. Азыр карасам баштыгымдын түбүндө жүрүптүр. Сага буюрган тура. Ме гой, балам!

Бала кемпир сунган алманы алып, рахмат айтты. Бирок, мастан ойлогондой дароо кемире тиштеп, жеп жиберген жок. Чуркаган бойдон үйгө кирди да бир табак, бир бычак көтөрүп кайра келди. Анан алманын кабыгын аарчый баштады.

***(Уландысы бар)***

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ




«ИСЛАМ - ТЫНЧТЫКТЫН ЖАРЧЫСЫ»
аттуу китеп окуу конкурсун жарыялайт
КОНКУРСТУН МАКСАТЫ:
• Пайгамбарыбыз Мухаммед (саллаллаху алайхи васаллам) тууралуу элге туура маалымат берүү;
• Анын өрнөктүү өмүр жолун жана осуяттарын окууну элибизге сунуштоо;
• Ханафи мазхабын туура түшүндүрүү.
Конкурс
3 китептин негизинде өткөрүлөт
КАТТАЛУУНУН АКЫРКЫ МӨӨНӨТҮ 25-МАРТ 2016-ЖЫЛ
Конкурска катышууну каалагандар 2016-жылдын 25-мартына чейин тизмеге катталуусу керек. Конкурстун сынагы 10-апрелде Бишкек шаарында жана облустук борборлордо өткөрүлөт. Жеңүүчүлөргө сыйлык тапшыруу аземи Бишкек шаарында өтөт.
ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРГӨ ТӨМӨНДӨГҮДӨЙ СЫЙЛЫКТАР ТАПШЫРЫЛАТ:
1 Риядус Салихин (тандалган хадистер)
1-орун УМРА сапарына жолдомо
2-орун УМРА сапарына жолдомо
3-орун 70 000 сом
4-орун 40 000 сом
5-орун 30 000 сом
6-орун 15 000 сом
7-орун 10 000 сом
2 Сүйүктүү пайгамбарыбыз Мухаммед (САВ) өмүр баяны
1-орун УМРА сапарына жолдомо
2-орун 40 000 сом
3-орун 30 000 сом
4-орун 25 000 сом
5-орун 15 000 сом
6-орун 10 000 сом
3 Абу Ханифа и ханафитский мазхаб
1-орун 40 000 сом
2-орун 30 000 сом
3-орун 25 000 сом
4-орун 15 000 сом
5-орун 10 000 сом
Мындан тышкары кошумча кызыктыруучу белектер берилет.
Конкурска катышуу үчүн окурман бул китептердин кайсынысына катышаарын алдын ала тандап, катталуусу керек. Конкурстун сынагы тест түрүндө өтөт.
0554 88 46 18, 0554 88 47 18
0773 00 77 34, 0771 55 66 52
0700 63 52 74, 0700 63 52 69
0770 30 11 44
e-mail: okuybuz@gmail.com
https://www.facebook.com/islamtynchtyk


ZER
925 ченемдеги күмүштөн өзгөчө кооздуктар
Европадан шакектер, сөйкөлөр, билериктер,
нике шакектер жана теспелер (жиби да өрүлгөн күмүш).
Ыңгайлуу баа жана миң түрдүү тандоо! Берен Голд, 2- кабат
0556 96 77 99, 0707 33 77 58


GREEN CITY
eco hotels & resorts
Green City мейманканасы
бир орундуу бөлмөлөр,
эки орундуу бөлмөлөр,
КОНФЕРЕНЦ ЗАЛ
ресторан, бизнес ланч
Тынчтык пр., 16
+996 312 87 87 50
+996 559 87 87 50
Green City мончосу
түрк хамамы, орус мончосу,
туз камерасы, бассейн, массаж,
балыктар менен пилинг,
жаш балдар бөлмөсү ж.б.
Исакеев көч., 2а
www.greencity.kg
+996 312 89 67 67
+996 550 89 67.67
+996 701 79 67 67